# МУНИЦИПАЛИТЕТ

Илимий-популярдуу журнал. №5 (6) чыгарылышы, Май, 2012 ж.

*Муниципалитет - бул аймактын, ал жерде жашаган калктын жана ЖӨБ органдарынын үчилтиги*

Басып чыгаруучу
***Өнүктүрүү саясат институту (ӨСИ)***

Баш редактору,
ӨСИ башкаруу төрайымы
***Надежда Добрецова***

Кыргыз тилине котормонун редактору
***Нургуль Джаманкулова***

Дизайн жана жасалгалоо
***Адиль Абдраимов***

Кыргыз тилине которгон
***Зейнеп Алтымышова***

Журнал автордук макалаларды кабыл алат жана муниципалитеттерге даректелген акысыз жарнактарды жайгаштырат.

**Журнал акысыз таркатылат**, бирок ӨСИ акы төлөп жазылууну уюштуруу укугуна ээ.

Журналдагы макалалар басып чыгаруучу тараптын жана анын өнөктөштөрүнүн көз карашын чагылдырбайт.

Макаланын мазмуну үчүн жоопкерчилик авторлорго жүктөлөт.

**Бардык суроолор боюнча төмөнкү даректер аркылуу кайрылыңыздар:**
***почта*** – 720021, Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Үсөнбаев көч., 44,
Өнүктүрүү саясат институту,
«Муниципалитет»
журналынын редакциясы;
***электрондук*** – dpi.office.kg@gmail.com
nadya.dobretsova@gmail.com

**Телефондор:** (0312) 97-01-04 (05,06,07)
**Факс:** (0312) 97-01-08

Журналда
Өнүктүрүү саясат институтунун кызматкерлери тарткан жана Интернеттен алынган сүрөттөр пайдаланылды.

Массалык маалымат каражаттарын каттоо жөнүндө күбөлүктүн каттоо номери 1785.

ISBN 1694-7053

## Мыйзамдагы жаңылыктар

Жерлер тууралуу
(трансформацияга болгон мораторийдин чектөөлөрү) ........ 2

Жарандардын эркиндиги тууралуу
(тынч чогулуштар жана элдик мыйзам чыгаруучулук демилге укугун ишке ашыруу жөнүндө) ........ 2

ЖӨБ аткаруу органдарынын башчыларын шайлоо жана шайлоо күрөөсүн кайтарып берүү жөнүндө ........ 3

ЖӨБ органдарынын типтүү түзүмүн жана штаттык санын бекитүүнүн жаңы редакциясы жөнүндө ........ 3

## ЖӨБ кадрлары

ЖӨБ органдарын башкаруудагы теңдик аспекттери.
Адамдын өнүгүүсү тууралуу Улуттук докладды иштеп чыгуунун алкагында даярдалган гендердик, этникалык жана жаш курак теңдигинин аспекттерине аналитикалык сереп ........ 4

Штаттык түзүм:
№2 аракет, натыйжа өзгөрүүсүз калууда ........ 10

## ЖӨБ ресурстары

«РОЯЛТИ» деген таттуу сөз
же Жергиликтүү жаратылыш ресурстары жергиликтүү бюджетти толуктоонун мүмкүнчүлүгү катары ........ 13

Бирлик айыл округу инвесторду...
өзүнүн эле айылынан тапты (таштак жерлерди кантип гүлдөгөн бакка айландырса болот ........ 18

ЖӨБ органына муниципалдык менчикке
(кыймылсыз мүлккө) болгон укуктарды мамлекеттик каттоодон өткөрүү боюнча Памятка ........ 21

ККМУКД жергиликтүү каттоо органдарына (ЖКО)
кыймылсыз мүлккө жана аны менен болгон бүтүмдөрдү укуктарды мамлекеттик каттоо процессинин схемасы ........ 24

## Сынактар жана гранттар

«Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги:
бюджеттик процесс» долбоору
КИЧИ ГРАНТТАР ПРОГРАММАСЫНЫН
башталгандыгы тууралуу жарыялайт ........ 25

«Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги:
бюджеттик процесс» долбоору
«ЖЕРГИЛИКТҮҮ ДЕМИЛГЕ» сынагын жарыялайт ........ 29

# • Жерлер тууралуу

## “Сугат айдоо жерлерин жарактуу жерлердин башка категорияларына жана түрлөрүнө которууга (трансформациялоого) мораторий киргизүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүү киргизүү тууралуу” Кыргыз Республикасынын мыйзамы, 8-май, 2012-жыл, № 49

Сугат айдоо жерлерин көрүстөнгө которууга (трансформациялоого) жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтү аныктаган Баткен, Ош, Жалал-Абад областтарынын айрым чек ара аймактарынын жерлерин башка категорияларга же түрлөргө которууга мораторий жайылтылбайт. Бул аймактарда жерлерди башка категорияларга же түрлөргө которуу (трансформациялоо) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык КР Өкмөтү тарабынан жүргүзүлөт. Көрүстөнгө которулган (трансформацияланган) сугат айдоо жерлер башка максаттагы багыттар боюнча пайдаланылышы мүмкүн эмес.

## “Айыл чарба багытындагы жерлерди башкаруу жөнүндө” Мыйзамга өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” Кыргыз Республикасынын мыйзамы,14-май, 2012-жыл, № 50

Мыйзамда белгиленген элет жеринде эки жылдан кем эмес туруктуу жашаган жарандар гана айыл чарба багытындагы жердин ээси болушу мүмкүн деген талап алынып салынды. Мындан тышкары, айыл чарба багытындагы жерлер банктардын жана адистешкен финансылык-кредиттик мекемелердин менчигинде болуу мөөнөтү бир жылдан үч жылга чейин узартылат. Бул ченем “Банктар жана банк ишмердүүлүгү жөнүндө” Мыйзамдын банк тарабынан сатып алуунун же мурда берилген кредиттерди камсыз кылуу максатында менчигинен ажыратуунун же өткөрүп берүүнүн натыйжасында алынган кыймылсыз мүлк, эгерде мыйзам тарабынан башкасы белгиленбесе, банк тарабынан үч жылдан ашык мөөнөткө кармалышы мүмкүн эмес деген талап белгиленген 32-беренесинин жоболору менен айкаштырылган.

# • Жарандардын эркиндиги тууралуу

## “Тынч чогулуштар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамы, 23-май, 2012-жыл, № 64

Мыйзам жарандардын өз пикирин билдирүү эркиндигине болгон фундаменталдык укугун тастыктайт: “Мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жыныс, раса белгилерин, этностук таандыктыгын, тилин, диний ишенимдерин, жаш курагын, саясий жана башка ынанымдарын, тегин, мүлктүк же башка абалын, ошондой эле башка жагдайларды айырмалабастан, тынч чогулуштарга эркиндик укугун урматтоого жана камсыз кылууга милдеттүү”. Мыйзам “чогулуш”, “тынч чогулуш”, “каршы чогулуш”, ошондой эле “жарыш”, “пландалган”, “ойлонулбаган” чогулуш деген эмне экенин түшүндүрүп, кимди катышуучу, ал эми кимди тынч чогулуштун уюштуруучусу деп эсептеш керектигин тактайт. Ченемдик укуктук акт да тынч чогулуш өткөрүш үчүн эмне кылуу зарыл экенин аныктап, бир жагынан бийликтин аракеттерин, экинчи жагынан тынч чогулуштун катышуучуларынын жана уюштуруучуларынын укуктарын жана милдеттерин регламенттештирет. Өзүнчө беренелер менен пландалып жаткан же өткөрүлүп жаткан чогулуштар тууралуу маалымат алууда башкаруу органдарынын жана тартип коргоо органдарынын милдеттери сүрөттөлүп, күч түзүмдөрү үчүн чектөөлөр жазылган. Мыйзамдын “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын милдеттери” аттуу 5-беренесине ылайык, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары:

1) чогулуш өткөрүү аймагынын ички иштер органдарын, башка кызыкдар мамлекеттик органдарды жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын пландалган же өткөрүлүп жаткан чогулуш жөнүндө маалыматтарды алганы тууралуу токтоосуз кабардар кылат;
2) ички иштер органдары жана башка мамлекеттик органдар менен өз ара бирдикте тынч чогулуштарды өткөрүүнү камсыз кылуу боюнча иш-чараларды жүзөгө ашырат;
3) тынч чогулуштарды өткөрүүнү камсыз кылуу боюнча чогулуштун уюштуруучулары жана катышуучулары менен өз ара аракеттенет;
4) чогулуштарды өткөрүү жөнүндө кабарландырууларды кабыл алууну камсыз кылат;
5) зарыл болгондо коммуналдык жана башка кызматтардын (медициналык тез жардам, өрткө каршы кызмат, сактоо кызматы жана башка кызматтар) ишин уюштурат;
6) чогулуштар өтүп жаткан жерлерде алкоголду, баңги каражаттарын, психотроптук же башка дендароо кылуучу заттарды колдонуунун алдын алуу жана болтурбоодо ички иштер органдарына көмөк көрсөтөт;
7) чогулушту өткөрүүгө себеп болгон маселелер жөнүндө ошол маселелер даректелген

мамлекеттик органдарды кабардар кылат;

8) ушул Мыйзамда каралган башка милдеттерди аткарат.

Анткен менен 5-берене чогулуштарга карата ЖӨБ органдарынын жоопкерчилик чөйрөсүн толук сүрөттөбөйт. Ошондуктан ЖӨБ аткаруу органдарынын жетекчилери жана жергиликтүү кеңештер мыйзамдын бардык беренелери менен дыкат таанышып чыгуусу зарыл.

## • Жарандардын эркиндиги тууралуу

### Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Жарандардын элдик мыйзам чыгаруу демилгеси менен чыгуу укугун жүзөгө ашыруу тартиби жөнүндө Жобосу, 16-апрель, 2012-жыл, № 242

Ушул Жобо «Кыргыз Республикасында элдик мыйзам чыгаруу демилгеси жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамын ишке ашыруу максатында иштелип чыккан жана Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинде элдик мыйзам чыгаруу демилгеси менен чыгуу укугун жүзөгө ашыруу тартибинде киргизилген мыйзам долбоорун каттоо тартибин жөнгө салууга багытталган.

Кыргыз Республикасынын Мыйзамында Кыргыз Республикасынын жарандарынын элдик мыйзам чыгаруу демилгеси менен чыгуу укугун жүзөгө ашыруунун принциптери, формасы, кепилдиктери, тартиби жана шарттары аныкталган.

Жогоруда көрсөтүлгөн Мыйзамга ылайык Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлиги элдик мыйзам чыгаруу демилгеси менен чыккан топту жана жарандардын элдик мыйзам чыгаруу демилгеси менен чыгуу укугун жүзөгө ашыруу үчүн Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин кароосуна киргизилген мыйзам долбоорун каттайт.

## • Шайлоо тууралуу

### "Кыргыз Республикасындагы жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарынын айыл өкмөттөрүнүн башчыларын дайындоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча Борбордук комиссиясынын токтому 2-май, 2012-жыл, № 70

Аксы районундагы Үч-Коргон айылдык аймагынын, Ак-Суу районундагы Октябрь айылдык аймагынын, Түп районундагы Ысык-Көл айылдык аймагынын, Кара-Буура районундагы Маймак поселкалык башкармалыгынын, Манас районундагы Покровка айылдык аймагынын айыл өкмөт башчысын шайлоо 2012-жылдын 24-майына белгиленди.

### "Жергиликтүү кеңештердин депутаттыгына талапкерлерди көрсөткөн саясий партияларга жана шайлоочулар тобуна шайлоо күрөөлөрүн кайтарып берүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча Борбордук комиссиясынын токтому, 7-май, 2012-жыл, № 73

Жергиликтүү кеңештердин депутаттыгына талапкерлерди көрсөткөн саясий партиялар жана шайлоочулар тобу добуш берүүгө катышкан шайлоочулардын 15 жана андан ашык пайыз добушуна ээ болсо, аларга шайлоо күрөөлөрү кайтарылсын деп бекитилди.

## • Кадрлар тууралуу

### Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 5-августундагы № 451 "Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органынын типтүү түзүмүн жана штаттык санын бекитүү жөнүндө" токтомуна өзгөртүү киргизүү жөнүндө КР Өкмөтүнүн 2012-жылдын 28-майындагы №323 токтому

Өкмөт дагы бир жолу ЖӨБ органдарынын типтүү түзүмүнүн жана штаттык санын бекитүүнүн редакциясын бекитти. Аталган редакция мурункусунан анча деле айырмаланбайт, жана бир аз гана ЖӨБ аткаруу органын уюштуруунун үстүнөн көзөмөлдү бошоңдотулганы берилген. Бул жаңы кабыл алууга серепти «Муниципалитет» журналынын ушул санынын 10-бетинен окуй аласыздар.



**Надежда Добрецова,**
**Өнүктүрүү саясат институтунун башкаруучу төрайымы**

# ЖӨБ органдарын башкаруудагы теңдик аспекттери

**Эч кимге моюн сунбаган статистика өлкө калкынын чоң бөлүгү жашаган элеттик жергиликтүү өз алдынча башкаруунун башчысынын образын төмөнкүдөй сүрөттөйт: бул – эркек, улуту кыргыз, жашы 45тен жогору (1-таблицаны караңыз). Албетте бул образда Кыргыз Республикасындагы жамааттардын курамынын бардык палитрасы жана бардык кызыкчылыктар чагылдырылбайт.**

**2012-жылдын Адамдын өнүгүүсү тууралуу Улуттук докладды иштеп чыгуунун алкагында, Өнүктүрүү саясат институту «ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУ – адамдын өнүгүүсүнүн, коомдун туруктуулугунун жана экономикалык өсүштүн негизи» деген аталышта Кыргыз Республикасынын ЖӨБ органдарын башкарууда теңдик аспекттерин изилдеп чыкты. Изилдөө үчүн Улуттук статистикалык комитеттин маалыматтары, жеткиликтүү болгон аналитикалык булактар, ошондой эле Өнүктүрүү саясат институтунун күчү менен жогоруда айтылган докладдын максатында атайын өткөрүлгөн социологиялык изилдөө да колдонулду.**

**Теңдик гендердик, этностор аралык жана жаш курак балансына карата каралды. Автордук топ теңдикке, акыйкаттыкка, калктын түрдүү топторунун, анын ичинде улуттук азчылыктардын, аялдардын жана жаштардын кызыкчылыктарын коргоого жетүү үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруунун лидерлеринин корпусун түзүүдө дагы да балансталган саясат зарыл деген тыянак чыгарган.**

## Гендердик теңдик

Салттуу болуп калган суу түтүгүнөн жана таштанды чыгаруудан тышкары жергиликтүү маанидеги маселелер – булар коомдук окуялардын жамаат тарабынан уюштурулушу: бала төрөлгөндө, жаңы үй-бүлө түзүлүп жатканда, акыркы сапарга узатууда, майрамдарда жасалган салттуу ырым-жырымдар; кварталда/айылда шарттарды жакшыртуу боюнча иштер, топторго жана уюмдарга, жергиликтүү саясий окуяларга катышуу ж.б. Жумуштун бул түрү көзгө көп деле урунбайт, бирок мында олуттуу өлчөмдө убакыт ыктыярдуу коротулат жана социалдык бирдиктин өзүн уюштурууда жана аныктоодо кыймылдаткыч күч болуп, жамааттын руханий жана маданий өнүгүүсү үчүн өтө маанилүү. Эмгекти бөлүштүрүүдө гендердик ажырым байкалса да, жергиликтүү жамааттын иши боюнча жумуштарга аялдар да, эркектер да тартылган. Жергиликтүү

**1-таблица. Кыргыз Республикасынын айыл аймактарынын башчыларынын сапаттуу тутуму, суралгандардын жалпы санынан % менен**

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| Жынысы | Эркек | Аял | | |
| | 97 | 3 | | |
| Жаш курагы | 30га чейин | 30дан 45ке чейин | 45 жаштан жогору | |
| | 2 | 33 | 65 | |
| Билими | Жогорку | Атайын орто | Орто | |
| | 92 | 8 | 0 | |
| Улуту | **Кыргыз** | **Орус** | **Өзбек** | **Башка** |
| | 93 | 1 | 3 | 4 |

**2-таблица. Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын арасында аялдардын катышуу динамикасы, 2004-2011- жж.***

| Облусу | 2004-ж.** | | | 2011-ж.*** | | | Өзгөрүүлөр, % менен |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Жалпы депутаттар | Алардын ичинен аял | % менен | Жалпы депутаттар | Алардын ичинен аял | % менен | |
| | 983 | 145 | **14,75** | 1090 | 17 | **1,56** | -13,19 |
| Нарын | 1439 | 129 | **8,96** | 1421 | 131 | **9,22** | 0,25 |
| Жалал-Абад | 1435 | 172 | **11,99** | 1672 | 231 | **13,82** | 1,83 |
| Ош | 647 | 61 | **9,43** | 686 | 90 | **13,12** | 3,69 |
| Баткен | 617 | 64 | **10,37** | 647 | 60 | **9,27** | -1,10 |
| Талас | 1562 | 376 | **24,07** | 1589 | 390 | **24,54** | 0,47 |
| Чүй | 1102 | 184 | **16,7** | 998 | 158 | **15,83** | -0,87 |
| **Ысык-Көл** | **7 785** | **1131** | **14,53** | **8103** | **1077** | **13,29** | **-1,24** |
| **Өлкө боюнча** | | | | | | | |



**ЖӨБ адамдын өнүгүүсү үчүн шарт түзүүнүн үстүнөн жетишерлик деңгээлде иштебейт. Аялдардын ЖӨБ шайлануусу жана активдүү катышуусу үчүн олуттуу системалык жана структуралык тоскоолдуктар бар. КР УСК "Мезгилдин бюджети" аттуу жылдык иликтөөсү көрсөткөндөй, аялдар балдарды тарбиялоодо жана үй-бүлө мүчөлөрүнө, анын ичинде кары-картаң жана саламаттыгы начар адамдарга камкордук көрүүдө негизги жүктү көтөрүп, үй-бүлөлүк тиричиликти, күн сайын тамак-ашты уюштуруу жана жамаат, туугандар менен байланышты кармап туруу үчүн жооп беришет. Ошол эле учурда аялдар адатта үй-бүлөнү баккан негизги адам катары эмгек базарына да чыгууга мажбур. Элет жергесинде күч алган патриархалдык жана диний нормалар аялдардын активдүүлүгүн үй-бүлө менен коомдун алкагында гана чектеп, түрдүү салттуу жөрөлгөлөрдү жана ырым-жырымдарды (майрамдар, акыркы сапарга узатуулар) аткарууда жүгүн оорлотуп, бирок аялдардын билимин жогорулатууга, анын экономикалык мүмкүнчүлүктөрүн, үй жана үй тиричилиги боюнча күнүмдүк иштерде үй-бүлөнүн башка мүчөлөрүнүн жардамын кеңейтүүгө өбөлгө болбойт. Элет жергесинде социалдык инфраструктуранын (бала бакчалардын, мектептерде узартылган күн группаларынын) жоголушу жана үй чарбалыгынын натуралдаштырылышы аялдардын кошумча репродуктивдүү милдетин арттырды. Негизги репродуктивдүү ишти аркалаган, бирок ошол эле учурда жергиликтүү жамаатта чечим кабыл алуу процессине дээрлик тартылбаган, экономикалык жана маалымат ресурстарына жете албаган жана баарынан көп үй-бүлөлүк жана гендердик зомбулуктун курмандыгы болгон элеттик жаш келиндер эң аярлуу абалда калды. Аялдардын мындай ролу, жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүдө аялдардын катышуусунун ушундай деңгээли ЖӨБ органдарынын башчыларынын катарында аялдардын саны жетишсиз болгону үчүн ЖӨБ органдарынын адамдын өнүгүүсү (билим берүү, үй-бүлө, саламаттык сактоо, маданият, бош убакыт, жаштар) үчүн шарт түзүп берүүсүнө жеткиликтүү таасир көрсөтпөй жатканына алып келди.**

**Н. Асылбекова,**
ПРООНдун гендердик маселелер боюнча адиси

жамааттын ишин акы албастан, коомдук башталышта ишке ашыруу керек болгон кырдаалдарда (кварталдык комитеттер, үй комитеттери ж.б.) бул милдет аялдарга жүктөлөөрү байкалган. Ал эми иш үчүн акы төлөнгөндө, же кандайдыр бир бийлик (кеңештин депутаты, же айыл өкмөт башчысы) бериле турган болсо, анда ал кызматка эркектер умтулат[1].

2-таблицада көрсөтүлгөндөй, акыркы 7 жылда түрдүү реформаларга жана толкундоолорго карабастан өлкөнүн эч бир облусунда аял депутаттардын саны жергиликтүү саясаттын артыкчылыктарын аныктоодо көңүлгө алына баштай турган "эң жогорку чекитке" жакындаган да эмес. Чет өлкөлүк тажрыйба көрсөткөндөй, дискриминацияга каршы атайын чаралардын натыйжасында ЖӨБ органдарындагы аялдардын болушу 30 жана андан ашуун пайызга жетиши мүмкүн, бул болсо адамдын өнүгүүсү чөйрөсүндө ушул өлкөлөрдүн көрсөткүчтөрүнө оң таасирин тийгизет. Гендердик квотаны жайылтуу жана аял-

[1] Сандык корректировка 2011-жылы жоюлган облустук кеңештердин депутаттарын эсепке албастан жасалды.
** Карыбаева М.А., Көчөрбаева З.И. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун гендердик аспекттери. ПРООН. Серепчилик чакан изилдөө, 2004.
*** Кыргыз Республикасынын алдындагы ЖӨБ иштери боюнча Улуттук агенттиктин маалымат боюнча.

## Суусамыр айылдык аймагындагы аялдардын социалдык активдүүлүгү[1]

**Жаш курагы баамдап калган мезгилге – 40тан 49 жашка чейинки ар бир бешинчи аял коомдук иш менен алектенет. Калган аялдар өзүнүн үй жумуштары менен алек болуп, коомдук иштерге катышпайт. Негизинен коомдук ишти аткарууга күнүнө 2-3 саат (51,4%), же 2 сааттан аз (37,8%) убакыт кетет. Бул аялдардын басымдуу бөлүгү жаш курагына карабастан – эң жашынан (18ден 29га чейин) эң улуусуна чейин (60тан жогору) – коомдук иштен моралдык канааттануу алат (89,2%). Аялдардын басымдуу бөлүгү (81%) семинарларга, тренингдерге катышпайт, ушундан улам алар өспөйт жана билимин өркүндөтпөйт. Убакыттын тардыгы аялдардын 63 пайызы үчүн негизги себеп болсо, 8,6% маалымат жетпейт.**

**Аялдардын өтө көп эмес бөлүгү (1,2%) коомдук иш менен алектенүүгө жолдошу уруксат бербей турганын белгилеген. Мында булардын бардыгы эң жаш категорияга кирерин белгилеп коюу керек. Ушундан улам Суусамыр айылдык аймагындагы айылдарда жаш аялдардын социалдык активдүүлүгү төмөн, бул болсо алардын андан аркы функционалдык сабаттуулугуна терс кесепетин тийгизиши ыктымал деген тыянак чыгарса болот. Аялдардын социалдык активдүүлүгүнө сурамжылоого катышкандардын жарымынан көбү (61,5%) оң карайт. Эркектердин 9,5% терс карайт, мында алардын бардыгы 60 жаштан жогоркулар. Эркектердин дээрлик үчтөн бир бөлүгү (29,0%) буга карата өз пикирин билдире алышкан жок.**

[1] Гендердик анализ таасири алдында Суусамыр айылдык аймагындагы үч чарбачылыктарынын социалдык-экономикалык абалын комплекстүү изилдөө боюнча соңку аналитикалык отчет. ПРООНдун буйрутмасы менен IG consult консалтингдик агенттик жана Социологиялык, политологиялык, социалдык-психологиялык изилдөөлөр борбору, 2011.

дарды электоралдык процесстерге катышууга түртүү боюнча көпчүлүк өнүккөн жана өнүгүп келаткан өлкөлөрдүн тажрыйбасы ЖӨБ органдарында чечим кабыл алуу деңгээлинде аялдардын болгону менен социалдык инфраструктуранын өнүгүүсүндө, гендердик зомбулук менен күрөштө жана жергиликтүү бюджеттин айкындуулугунда бул өлкөлөрдүн көрсөткүчтөрүнүн ортосунда түз корреляция болгонун тастыктайт. Мында жергиликтүү деңгээлде шайлоолор аялдардын саясатта жана чечим кабыл алууда андан ары алга жылуусу үчүн трамплиндин ролун ойнойт[2].

Аялдардын 2005-2010-жылдардагы окуяларга активдүү катышуусуна карабастан, 2004-жылдан бери жергиликтүү кеңеште аял депутаттардын үлүшү өлкө боюнча орточо 1,24%, ал эми Нарын облусунда 13% ашык төмөндөгөн. Өтө чоң эмес – 0,5 пайыздан 4 пайызга чейинки өсүш Ош, Баткен жана Жалал-Абад облустарында гана байкалган.

[2] Ибраева Г., Карыбаева М., Көчөрбаева З. "Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун башчыларын шайлоонун жыйынтыктары, 2005-жыл: гендердик анализ" отчету. Социалдык технологиялар агенттиги. – ПРООН, 2006.

## Каракол шаардык кеңешине өткөн шайлоодо аялдардын катышуусу

**23-чакырылыштын курамында 4 аял бар болчу. Бул кеңештин биригишкен курамына Каракол шаарынан жана Аксу районунан депутаттар кирген. Тикеден-тике шайлоонун алдында КР Жогорку Кеңештин чечими менен Каракол шаары өз алдынча шаар – облус борбору макамын жоготуп, Ак-Суу районунун курамына кирди. Мындай чечим шаардын дээрлик бюджети жок калуусуна алып келди. Катаал шарттарга карабастан 23-чакырылыштагы депутаттар Тез жардам машинесин сатып алуу, облустук мааниdeги төрөт үйүн оңдоо өңдүү маселелерди чечип алышты. 24-чакырылыштын курамында 25 депутаттын экөө гана аял болчу.**

**25-чакырылыштагы Каракол шаардык кеңешине шайлоо 2007-жылдын 7-октябрында өткөн. 25 депутаттын алтоо – аялдар. Алардын үчөө шайлоого бирдиктүү блок менен катышкан "Аялдар баарын жасай алат!" коомдук түйүнүнүн активисттери катары өткөн. Депутаттар 8 округ боюнча шайланды, алардын жетөө үч мандаттуу, бирөө төрт мандаттуу болчу.**

**Шайлоо алдында блок өзүнүн этикалык нормаларын иштеп чыгуу, үгүт өнөктүгүн пландоо, шайлоодо көрсөтүү үчүн округдарды бөлүштүрүү, бирдиктүү платформаны иштеп чыгуу жана башка актуалдуу маселелер боюнча бир катар жолугушууларды жана жыйындарды өткөрдү.**

**Натыйжада "Аялдар баарын жасай алат!" блогунан талапкерлер депутат болуп шайланган жана шаардык кеңештин курамында төмөнкү турумдарды ээлеген:**

- **Кендирбаева Д. Ш. – облустук билим берүү башкармалыгынын директору – Билим берүү, социалдык маселелер, жаштар жана гендердик саясат боюнча комитеттин төрайымы болду;**
- **Жумабекова А. Ж. – "Чыгышэлектронун" башкы бухгалтери – турак жай-коммуналдык комитеттин төрайымы болду;**
- **Турдумамбетова С. Ж.. – "Чыгыш" кондоминиумдун төрайымы – Каракол шаардык кеңешинин төрайымы болду.**

**Б. Абдиева,** Ысык-Көл облусу боюнча "Аялдар баарын жасай алат!" маалымат-укуктук ресурстук борбордун координатору

**3-таблица. Кыргыз Республикасынын айыл аймактарынын башчыларынын арасында гендердик тилке боюнча салыштырмалуу талдоосу**

| | Жалпы | 2004-ж.* | | | Жалпы | 2011 г.** | | | АӨ башчыларынын арасында аялдардын үлүш динамикасы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Алардын ичинен: | | Аялдар, % менен | | Алардын ичинен: | | Аялдар, % менен | |
| | | Аял | Эркек | | | Аял | Эркек | | |
| АА башчылары | 482 | 14 | 461 | 2,90 | 459 | 14 | 445 | 3,05 | +0,15 |


* Карыбаева М.А., Көчөрбаева З.И. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун гендердик аспекттери. ПРООН. Серепчилик чакан изилдөө, 2004.
** Кыргыз Республикасынын алдындагы ЖӨБ иштери боюнча Улуттук агенттиктин маалымат боюнча.



Бирок бул кырдаал олуттуу өзгөрдү дегенди билдирбейт. Анткен менен аялдар жергиликтүү деңгээлде шайлоо процесси аркылуу чечим кабыл алуу жараянына кантип кошулуу керектигинин үлгүсүн көрсөтүшөт (сол жакты караңыз).

Анткен менен аялдардын мындай саясий аракеттери адаттагы көрүнүш эмес, сейрек болчу окуяга көбүрөөк окшошуп турат. Ошол эле учурда аял депутаттарга караганда ЖӨБ аткаруу органдарынын башчыларына карата кырдаал башчынын үлүшү 3% бир аз ашкан. Мында 2004-жыл менен 2011-жылды салыштырууда оң динамика аял башчылардын санынын көбөйүшүнө байланыштуу эмес. Бул айылдык округдарды ирилештирүүнүн натыйжасында ЖӨБ башчылардын саны азайганына байланыштуу болду (3-табл.). Ошол эле учурда Кыргызстан элинин эң көп бөлүгү – 51% - ЖӨБ ишине аялдардын катышуусун оң

**1-диаграмма. Сиз ЖӨБ органдарынын иш-аракеттеринде аялдардын катышуусун кандай баалайсыз? (суралгандардын жалпы санына карата %)**



**4-таблица. Шаарды же айылды ким мыкты башкара ала тургандыгы тууралуу пикирлер, облустардын тилкесинде, суралгандардын жалпы санына карата %**

| | КР | Баткен | Жалал-Абад | Ысык-Көл | Нарын | Ош | Талас | Чүй | Ош | Бишкек |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| «Эркек» | 38,1 | 31,3 | 46,9 | 43,4 | 35,1 | 31,1 | 75,0 | 50,0 | 18,3 | 20,6 |
| «Аял» | 11,0 | 19,4 | 7,9 | 6,6 | 14,4 | 10,6 | | 19,7 | 8,6 | 8,7 |
| «Айырмасы жок, жакшы жетекчи болсо эле болду» | 47,3 | 49,3 | 42,5 | 50,0 | 48,5 | 51,3 | 25,0 | 29,4 | 66,7 | 63,1 |
| «Билбейм же жооп берүүдөн кыйналып турам» | 3,6 | | 2,8 | | 2,1 | 7,0 | | 0,8 | 6,5 | 7,5 |



баалашат жана муну зарыл деп эсептешет. 34% нейтралдуу мамиледе, же бул суроого жооп берүүдөн кыйналышкан. Болгону 15% ЖӨБ аялдардын катышуусуна терс пикирде болгону аныкталган. ЖӨБ органдарында аялдарды көргүсү келбегендердин басымдуу бөлүгү Ысык-Көл, Ош жана Баткен облустарында жашайт. Мында аялдар менен эркектердин жоопторундагы айырмачылык күтүлгөндөй эле болду: аялдардын 61% ЖӨБ ишинде өзүнүн катышуусуна оң баасын берсе, эркектердин 42% гана алар менен макул (1-диаграмманы караңыз).

Сурамжылоого катышкандардын дээрлик жарымы ЖӨБ органынын лидерин же жооптуу кызматкерин тандоодо жынысына көңүл бурбаш керек деген пикирди карманат. ЖӨб органын аял жетектешине каршы болбогондордун эң көп саны Талас облусунда катталган – добуш бергендердин 75 пайызы аял шаарды же айылды жакшыраак башкарат деген пикирди карманат. Тескерисинче, лоялдуулуктун эң төмөнкү деңгээли Баткен жана Ош облустарынын тургундарынын арасында байкалат – 31% жакын. Пикирлердин мынчалык олуттуу түрдө чачыранды болушу аялдын турмуштагы, коомдук иштеги ролуна карата бул аймактардагы жамааттардын мамилесиндеги айырмачылыкты чагылдырат (4-табл. караңыз).

Кыргыз Республикасында мамлекеттик кызматта квота механизми колдонулат, муну көпчүлүк гендердик теңдиктин аспабы деп эсептешет. Жергиликтүү өз алдынча башкарууда квота механизми колдонулбайт. Ошентсе да бул Докладдын авторлоруна жарандардын ЖӨБ өкүлдөр жана аткаруу органдарында аялдар үчүн квота киргизүү мүмкүнчүлүгүнө кандай караарын билүү кызыктуу жана пайдалуу көрүндү. Сурамжылоого катышкандардын 40% жакыны чечүүчү фактор катары жынысы эмес, иштеп кетүү жөндөмү болушу керек деп, квота зарыл эмес деген пикирди карманат. 7 пайыздан көбүрөөгү аялдар ЖӨБ органдарында кайсы гана кызмат болбосун – иштебеши керек деп эсептешет. Ар бир төртүнчү киши аялдарга 30%, ал эми ар бир бешинчи 50% өлчөмүндө квота берүүгө макул. Жыйындысында квотанын тарапкерлеринин саны жалпы сурам-

**5-таблица. Кыргыз Республикасынын айыл аймактарынын башчыларынын улуттук тилкеде сапаттуу анализи, суралгандардын жалпы санына карата %**

| Улуту | ЖӨБУА маалымат боюнча АӨ башчыларынын саны, % менен | КР УСК калкты каттоо маалымат боюнча тиешелүү улуттагы калктын пайызы | Жалпы калктын санына карата ЖӨБ органдарындагы өкүлчүлүктүү айырмачылык |
|---|---|---|---|
| **Кыргыз** | 93,25 | 71,0 | 22,25 |
| **Орус** | 1,09 | 7,8 | -6,71 |
| **Өзбек** | 3,27 | 14,3 | -11,03 |
| **Казак** | 0,65 | 0,6 | 0,05 |
| **Башкалар** | 1,74 | 6,3 | -4,56 |

жылоого катышкандардын 47% түздү.

## Этникалык теңдик

Макаланын форматы жергиликтүү кеңештерде түрдүү улуттардын өкүлдөрүнүн болушу көйгөйүнө кеңири токтолууга жол бербейт. ЖӨБ органдарынын башчылары жана калктын саны тууралуу салыштырууга мүмкүн болгон маалыматтарды кыскача келтиребиз. 5-таблицада көрсөтүлгөндөй, Кыргыз Республикасынын калкынын 1% түзгөн казак тектүүлөр ЖӨБ органдарынын башчыларынын санында тиешелүү өлчөмдө.

## Жаш курак теңдиги

Жергиликтүү деңгээлде чечим кабыл алуу жараянына жаштардын катышуусу да чабал[3]. 2-диаграмма көрсөткөндөй, 18ден 30 жашка чейинки




жаштардын 6 пайызы гана жергиликтүү кеңештин деңгээлинде чечим кабыл алуу процессине катышкан. Ал эми ЖӨБ аткаруу органдарынын башчыларынын арасында болгону 10 адам гана, же жалпы сандын 2% - 30 жашка чейинкилер[4].

Өкүлдүк демократиянын салттуу формасында жаштардын катышуусу өтө төмөн. Мисалы,

[3] Жергиликтүү деңгээлде чечим кабыл алуу процессине жаштардын катышуусун жана ролун арттыруу. «Сорос – Кыргызстан» Фондунун жана ««Кыргызстан юристтери» ассоциациясы» КБ изилдөөсүнүн жыйынтыктары, 2011. www.soros.kg сайтынан караңыз.

[4] Алардын ичинен 3 адам Чүй облусунда, 3 адам Нарын облусунда, дагы 1 адамдан Баткен, Жалал-Абад жана Ош облустарында.

**2-диаграмма. Жаштардын жергиликтүү маанидеги маселелерди кабыл алууда катышуусу, суралгандардын жалпы санынын % карата**



2008-жылдын 5-октябрында өткөн Кыргыз Республикасынын жергиликтүү кеңешине шайлоонун жыйынтыгына ылайык, республика боюнча 7647 депутат шайланган. Алардын ичинен 30 жашка чейинки депутаттар болгону 9% жана 30дан 45 жашка чейинкилер – 45% түздү. Жергиликтүү өкүлдөр органдарынын жетекчилеринин курамында жаштардын катышуусу тууралуу айта турган болсок, республика боюнча шаардык жана райондук кеңештердин жалпысынан 62 төрагасы шайланган. Алардын курамында: 30дан 45 жашка чейинки депутаттар – 16 адам, же 25,8%. Мында жергиликтүү кеңештин башчыларынын басымдуу бөлүгү (74,2%) – 45 жаштан жогору адамдар. Ошентип жаштар жергиликтүү бийлик органдарында жетишерлик деңгээлде эмес деген тыянак чыгарса болот[5].

[5] Кыргызстан: ийгиликтүү жаштар – ийгиликтүү өлкө. Адамдын өнүгүүсү тууралуу улуттук доклад, 2010. – ПРООН, 2010.



**Негизги тыянак мындай: түрдүү социалдык категориядагы жарандардын бирдей өнүгүүсү жана алардын саясий жана өкүлдүк укуктарын ишке ашыруусу үчүн ЖӨБ азырынча эч кандай шарттарды түзө элек.**



# ШТАТТЫК ТҮЗҮМ:
## №2 аракет, натыйжа өзгөрүүсүз калууда

**Нурдин Кумушбеков,**
“Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс” долбоорунун юристи,
Өнүктүрүү саясат институту

**Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн “Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органынын типтүү түзүмүн жана штаттык санын бекитүү жөнүндө” токтомунун май айындагы жаңы редакциясында радикалдуу деле өзгөрүүлөр болгон жок. Журналдын апрель айындагы санында токтомдун мурунку редакциясына деталдуу түрдө берилген сереп келтирилгендиктен, бул жолу биз киргизилген өзгөрүүлөргө үстүртөн эле токтолуп кетебиз.**

Аталган токтом менен төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилди: ушул токтомдун тиркемесине ылайык редакцияда бекитилген айыл өкмөтүнүн типтүү түзүмү жана штаттык саны.

Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

Эң маанилүүсү, бул Тиркемедеги (*) Эскертүүгө ылайык, төмөнкү бекитилди: “Максатка ылайыктуулугунан жана негизделгендигинен, ошондой эле айылдык аймактык өзгөчөлүгүнөн алып караганда, айыл өкмөтүнүн типтүү түзүмүндөгү жана штаттык санындагы кызматтардын аталыштары айыл

өкмөтүнүн штатынын жалпы санынын чегинде тиешелүү кызматтарга өзгөртүлүшү ыктымал". Ошентип эми айыл өкмөтү алардын чыныгы керектөөлөрүнө жараша кызматкерлерди ишке алууда жана кызматтарды бекитүүдө дагы да эркин болуп калышат (2011-жылдын 5-августунда КРӨТ кабыл алынганга чейинкидей).

Мындан тышкары төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилди:

1. Маанилүү өзгөртүү: башкы адис-участкалык инспектор жана алдыңкы адис-участкалык дарыгердин кызматтары штаттык түзүмдөн чыгарылды жана айыл өкмөтүнүн штатынын жалпы санын эсептөөдө алар эсепке алынбайт. Бул болсо башка кызматтарды (жер, турак жай маселелери жана өзгөчө кырдаалдар боюнча башкы адис жана жер түзүү жана айыл чарба боюнча алдыңкы адис) киргизүүгө жана санын көбөйтүүгө мүмкүнчүлүк түздү.

2. Маанилүү өзгөртүү: участкалык дарыгер, ички иштер органдарынын кызматкери (участкалык инспектор) жана жаңы кызмат – ветеринариялык доктур АӨ түзүмүндө болушу мүмкүн, бирок милдеттүү эмес. ((**) **Эскертүү**).

3. Мал чарбачылык жана ветеринариялык тейлөө маселелери боюнча башкы адистин кызматы талапкерлер контракттык негизде алынган кызматтардын ичинен алынды жана штаттык түзүмдө мал чарбачылык жана ветеринария маселелери боюнча башкы адис кызматы бардык АӨ киргизилди.

4. Калкы 5 миң адамга чейинки АӨ жер, турак жай маселелери жана өзгөчө кырдаалдар боюнча башкы адистин кызматы киргизилди, ал эми калгандарында бирден экиге чейин көбөйтүлдү.

5. Калкы 5 миң адамга чейинки АӨ жер түзүү жана айыл чарбасы боюнча алдыңкы адистин кызматы киргизилди, ал эми калгандарында бирден экиге чейин көбөйтүлдү.

6. Калкы 5 миң адамга чейинки айылдык аймактарда буга чейин каралбаган экономика жана статистика боюнча алдыңкы адистин кызматына карата тактоо киргизилди. Эми анын милдеттери киреше боюнча алдыңкы адиске жүктөлөт. ((****) **Эскертүү**).

Кабыл алынган өзгөртүүлөрдүн позитивдүүлүгүн белгилөө менен, бул маселе боюнча Институттун башка сунуштары дагы деле актуалдуу бойдон калып жатканын белгилей кетүү зарыл. Тагыраак айтканда:

1. Мамлекеттик органдардын милдетине кирген кызматтарды көрсөтүү үчүн адистерди (участкалык инспектор, участкалык дарыгер, ТОС инспектор, ветеринариялык доктур) жергиликтүү бюджеттин эсебинен кармоо маселеси чечилбеген бойдон калууда. Антсе да акыркы өзгөртүүлөрдү эсепке алганда мындай кызматкерлерди ишке алуу милдеттүү деле болбой калды. Бирок мындай зарылчылык пайда болгондо алар баары бир жергиликтүү бюджеттен каржыланат.

2. "Муниципалдык кызмат жөнүндө" КР мыйзамында орнотулгандай маянага кошумчалар боюнча мотивация системасынын механизми жок болгону дагы деле көйгөйлүү маселе.

3. Штаттык түзүмдү жана эмгек акынын шарттарын түзүү жаатындагы ЧУА бири бирине кайчы келгени көйгөй жаратууда.

4. ЖӨБ органдарынын белгилүү бир категориялары үчүн мамлекет муниципалитеттерге кепилдеген маянанын фондунун стандарттарын аныктоо.

5. ЖӨБ органдарына маяна фондунун стандарттарынын алкагында кызматкерлердин зарыл санын өз алдынча аныктоо укугун берүү, ал эми үнөмдөлгөн каражатты кызматкерлерди шыктандырууга коротуу.

6. Кызматкерлердин иш тажрыйбасын, кызматтарды айкаштыра билүү мүмкүнчүлүгүн, квалификация жана иш деңгээлдерин эсепке алуу менен өз кирешесинин эсебинен маянага кошуу системасын кароо.

## Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 5-августундагы №451 "Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органынын типтүү түзүмүн жана штаттык санын бекитүү жөнүндө" токтомуна өзгөртүү киргизүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 28-майындагы №323 токтому

"Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтү токтом кылат:

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 5-августундагы № 451 "Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органынын типтүү түзүмүн жана штаттык санын бекитүү жөнүндө" токтомуна төмөнкү өзгөртүү киргизилсин:

- аталган токтом менен бекитилген айыл өкмөтүнүн типтүү түзүмү жана штаттык саны ушул токтомдун тиркемесине ылайык редакцияда берилсин.

2. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Премьер-министр Ө. Бабанов**

**Тиркеме**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн
2011-жылдын 5-августундагы
№451 токтому менен
бекитилген

## Айыл өкмөтүнүн типтүү түзүмү жана штаттык саны

| Кызматтардын аталышы | Калктын санына ылайык штаттык бирдиктин саны (миң киши) | | | |
|---|---|---|---|---|
| | 5ке чейин | 5тен 10го чейин | 10дон 20га чейин | 20дан көп |
| Башчы | 1 | 1 | 1 | 1 |
| Башчынын орун басары | - | 1 | 1 | 1 |
| Жооптуу катчы | 1 | 1 | 1 | 1 |
| Башкы адис – юрист | - | 1 | 1 | 1 |
| Маалымат-компьютердик технологиялар боюнча адис | - | 1 | 1 | 1 |
| Каржы-экономикалык бөлүм башчысы – башкы эсепчи (***) | 1 | 1 | 1 | 1 |
| Башкы адис – расчеттук эсепчи | - | 1 | 1 | 1 |
| Мал чарбасы жана ветеринария маселелери боюнча башкы адис | 1 | 1 | 1 | 1 |
| Экономика жана статистика боюнча башкы адис | - | 1 | 1 | 1 |
| Кирешелер боюнча башкы адис (****) | 1 | 1 | 2 | 3 |
| Чыгашалар боюнча адис эсепчи-кассир | - | 1 | 1 | 1 |
| Социалдык коргоо жана социалдык-маданий суроолор боюнча башкы адис | - | - | 1 | 1 |
| Социалдык коргоо адиси | 1 | 1 | 1 | 2 |
| Жер, турмуш-тиричилик маселелери жана өзгөчө кырдаалдар секторунун башчысы | - | - | 1 | 1 |
| Жер, турмуш-тиричилик маселелери жана өзгөчө кырдаалдар боюнча башкы адис | 1 | 2 | 2 | 2 |
| Жер бөлүштүрүү жана айыл чарба боюнча башкы адис | 1 | 2 | 2 | 2 |
| Аскердик эсепке алуу столунун Инспектору (*****) | | | | |
| Айыл башчысы (******) | | | | |
| Жалпы: | 8 | 16 | 19 | 21 |
| Техникалык кызмат менен тейлөөчү кызматкерлер: | | | | |
| ТОП | 1 | 1 | 2 | 3 |
| МОП | 1 | 1 | 1 | 1 |
| Бардыгы: | 10 | 18 | 22 | 25 |

(*) Эскертүү: Максатка ылайыктуулугунан жана негизделгендигинен, ошондой эле айылдык аймактык өзгөчөлүгүнөн алып караганда, айыл өкмөтүнүн типтүү түзүмүндөгү жана штаттык санындагы кызматтардын аталыштары айыл өкмөтүнүн штатынын жалпы санынын чегинде тиешелүү кызматтарга өзгөртүлүшү ыктымал.

(**) Эскертүү: Айыл өкмөтүнүн структурасында участкалык дарыгер, ветеринариялык доктур, ички иштер органдарынын кызматкери (участкалык инспектор) болушу ыктымал. Участкалык дарыгерге, ветеринариялык доктурга, участкалык инспекторго (ички иштер органдарынын кызматкери) талапкерлер Кыргыз Республикасынын Өкмөтү орноткон тартипте контракттык негизде кабыл алынышат.

(***) Эскертүү: Айылдык аймактын финансы-экономикалык бөлүмүнүн башчысын – башкы бухгалтерди жергиликтүү кеңештин көпчүлүк депутаттарынын жана Кыргыз Республикасынын Каржы министрлигинин аймактык органдарынын макулдугу менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын башчысы кызматка дайындайт жана бошотот.

(****) Эскертүү: Калкы 5 миң адамга чейинки айылдык аймактарда экономика жана статистика боюнча алдыңкы адистин милдеттери кирешелер боюнча алдыңкы адиске жүктөлөт.

(*****) Эскертүү: Жалпы аскердик милдеттердин талаптарын аткарууну камсыздоо үчүн персоналды аскердик-эсепке алуунун саны төмөнкү жүктөмдүн нормаларына ылайык белгиленет:

- каттоодо 300 аскерге милдеттүү жана аскерге чакырылуучу болгон учурда – бир бошотулган кызматкер – аскердик-эсепке алуу столунун инспектору;

- каттоодо 300дөн 1000ге чейинки аскерге милдеттүү жана аскерге чакырылуучу болгондо – эки бошотулган кызматкер жана андан кийинки ар бир 1000 аскерге милдеттүү жана аскерге чакырылуучуларга – бирден бошотулган кызматкер – аскердик-эсепке алуу столунун инспектору.

(******) Эскертүү: Айылдык кеңештин чечими боюнча айыл өкмөтүнүн жетектөөчү адисинин деңгээлинде айыл башчысы кызматы киргизилиши мүмкүн.



# "РОЯЛТИ" деген таттуу сөз, же Жергиликтүү жаратылыш ресурстары жергиликтүү бюджетти толуктоонун мүмкүнчүлүгү боло алат

**Асылбек Чекиров,**
"Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс" долбоорунун бюджет аралык мамилелер боюнча адиси,
Өнүктүрүү саясат институту

**Узак убакыт бою жергиликтүү жаратылыш ресурстарын башкаруу маселеси мамлекеттик бийлик органдарынын да, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын да көңүлүнө илинбей келген. Ошону менен бирге Кыргыз Республикасы өзүнүн геологиялык өзгөчөлүктөрүнөн улам ири көлөмдөгү жергиликтүү мааниндеги жаратылыш ресурстарына ээ, алар өлкөнүн дээрлик бардык аймагында ийгиликтүү, бирок эч көзөмөлсүз иштетилип жатат. Түзүлгөн кырдаалды кара ниеттүү ишкерлер активдүү колдонуп келатышат. Алар экология жана коопсуздук талаптарын четке кагып, жер астын эч аёосуз иштетишүүдө. Ошол эле учурда жергиликтүү бийлик органдары өздөрүн кырдаалдын кожоюну катары сезишпейт жана ишкерлердин жетегинде калышты, анткени өз кызыкчылыгын коргоп чыгуу үчүн эч кандай негиз көрүшпөйт. Бирок 2012-жылы кырдаал өзгөрүп калышы ажеп эмес.**

## Жер асты ЖӨБ үчүн Terra Incognita бойдон калбашы керек[1]

2012-жылы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши "2012-жылга республикалык бюджет жана 2013-2014-ж.ж. божомол жөнүндө" Мыйзам кабыл алды. Мында жер асты үчүн салыктын түрлөрүнүн бири – роялтинин (алтынды, газды, мунайды казуу үчүн салыктан тышкары) 50% жергиликтүү бюджеттин курамына берилди.

[1] Terra Incognita (лат.) – өтмө маанидеги туюнтма, белгисиз, изилденбеген буюмдар, белгисиз бирдеме, билимдин иштетилбеген тармагы дегенди түшүндүрөт.

**1-таблица. Роялти боюнча жергиликтүү бюджеттерге салыктын түшүү божомолу**

| Муниципалитеттер | Роялти өлчөмү | Түшүү божомолу (млн. сом) |
|---|---|---|
| Республикалык маанидеги шаарлар | 50% | 38,8 |
| Облустук маанидеги шаарлар | 50% | 8,0 |
| Райондук маанидеги шаарлар | 50% | 4,2 |
| Айыл аймактары | 50% | 29,7 |
| ЖАЛПЫ | | **80,7** |

**2-таблица. Майда-барат кеңири тараган пайдалуу казып алуулар жайгашкан жерлер**

| Пайдалуу казып алуулар | Өлчөө бирдиги | Запас көлөмү |
|---|---|---|
| Курулуш куму | миң куб. м | 10го чейин |
| Шагыл жана ири кум | миң куб. м | 10го чейин |
| Табигый кум-шагыл-ири кум аралашмалары | миң куб. м | 10го чейин |
| Чопо жана составында чопо менен кум көбүрөөк болгон топурак | миң куб. м | 10го чейин |
| Тунма магматикалык жана метаморфикалык породалардан пайда болгон бөлүнгөн таштар (буттук же шагыл) | миң куб. м | 10го чейин |
| Акиташ | миң куб. м | 10го чейин |

Бул окуя кеңири чөйрөдө талкууланган жок жана билинбей калды. Мунун да өз себеби бар. 2011-жылдын жыйынтыгы боюнча роялти боюнча чогултуулар 100 млн. сомдон бир аз ашты. Болгондо да бул салыкты ири, катталган салык төлөөчүлөр төктү. Башкача айтканда, адистердин божомолуна ылайык, 2012-жылы жергиликтүү бюджетке болгону 80,7 млн. сом түшөрү күтүлүүдө (1-табл. караңыз). Буга байланыштуу көпчүлүк эксперттер жергиликтүү бюджеттердин кирешесинин мындай булагынын келечегине ишенип-ишенбей карашууда.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын бул салыкка кызыгуусу эмнеде? Адегенде биз жергиликтүү жаратылыш ресурстарын өздөштүрүп жаткан, же такыр эле роялти салыгын төлөбөгөн, же аны атайлап азайтып төлөгөн ишкерлердин чоң армиясы болгонун мойнубузга алышыбыз керек. Себеби эмнеде?

Биринчиден, ЖӨБ органдары жана жергиликтүү жамаат өздөрүн муниципалдык, же мамлекеттик жерлерде орун алган ресурстардын кожоюнумун деп эсептешпейт. Ишкерлер колдорунда бул ресурстарды колдонууга укук берген лицензиясы бар үчүн аларды иш жүзүндө көрмөксөн болушат. Жаратылыш ресурстарынын ээлери болсо бул салыкты эсептөө боюнча мамлекеттик салык кызматы менен өз алдынча мамиле түзөт, же өз ишмердүүлүгүн жашырып келишет. Жергиликтүү бюджетке ишкерлерден эч кандай каражат түшпөгөндүктөн ЖӨБ органдары пассивдүү турумду карманышат. Муниципалитеттер жергиликтүү жаратылыш ресурстарын натыйжалуу башкаруудан пайда көрүүсү үчүн аларга толугураак маалымат берүү зарыл.

## Жер асты муниципалдык менчикте болушу ыктымал

“Жер асты жөнүндө” КР Мыйзамынын 3-4-беренелеринде мындай деп айтылган: “Кыргыз Республикасындагы жер асты менчиктин мамлекеттик, муниципалдык, жеке жана башка түрүндө боло алат. Менчиктин муниципалдык, жеке жана башка түрлөрүндө жалпы тараган пайдалуу кендердин май-




**Кыргыз Республикасындагы жер астындагылар мамлекеттик, МУНИПАЛДЫК, жеке же менчиктин башка түрүндө болушу мүмкүн. Муниципалдык, жеке же башка түрдөгү менчикте майда-барат кеңири тараган пайдалуу казып алуулары бар, менчик ээлеринин участкаларынын үстүнкү катмарына жакын жайгашкан кендүү жерлер боло алат...**

**3-таблица. Жергиликтүү маанидеги кендүү жерлер**

| Пайдалуу казып алуулар | Өлчөө бирдиги | Запас көлөмү | Бир жылда казып алуу деңгээли |
|---|---|---|---|
| Көмүр | миң т. | 1000ден көп эмес | 30 |
| Гипс | миң т. | 300дөн көп эмес | 15 |
| Казылып алынуучу туз | миң т. | 100дөн көп эмес | 3 |
| Таза түрдө алынган күкүрт | миң т. | 10дон көп эмес | 0,5 |
| Тальк жана пирофиллит | миң т. | 10дон көп эмес | 0,5 |
| Графит | миң т. | 1ден көп эмес | 0,1 |
| Кеңири тараган пайдалуу казып алуулар | миң куб. м | Саналбайт | |

да кендүү жери гана боло алат, алар жерге ээлик кылган адамдын участогунун үстү жагына чыгып турат... Жергиликтүү маанидеги кендүү жер – жалпы тараган жана башка металл эмес (көмүр, гипс, казылып алынган туз, таза уюган түрдөгү күкүрт, тальк жана пирофиллит, графит) пайдалуу кендер, алардын запасы жакын жайгашкан жергиликтүү керектөөчүлөрдүн гана керектөөлөрүн камсыздай алат".

Мыйзамдагы ченемдерге дагы да деталдуу түшүнүк КР Өкмөтүнүн 2000-жылдын 14-июнундагы "Жалпы тараган пайдалуу кендердин майда кендүү жерин колдонуунун тартиби жана шарттары жөнүндө" №338 токтомунда берилген. Бул токтом менен бекитилген жобого ылайык, жер участокторунун ээси катары муниципалдык органдар бул кендүү жерлерди өзү каалагандай колдоно алат. Башкача айтканда, муниципалдык менчиктин карамагындагы жалпы тараган пайдалуу кендердин майда кендүү жерлеринде геологиялык үйрөнүүгө жана иштетүүгө, өз жер участокторунда беш метрге чейинки тереңдикте жер алдындагы курулуштарды курууга жана аларды колдонууга уруксат берилет.

Майда кендүү жерлерди колдонуу боюнча ишмердүүлүк ишмердүүлүктүн тиешелүү түрүнө (пайдалуу кендердин кендүү жерлерин издөө, чалгындоо жана эксплуатациялоо) лицензия алгандан кийин, же болбосо ишмердүүлүктүн мындай түрүн жүргүзүүгө тиешелүү лицензиясы бар физикалык же юридикалык жактар менен келишим түзүлгөндөн кийин гана ишке ашырылса болот. Мында менчик ээсинин укуктук макамын тастыктаган документтерди тапшырып, жер астын колдонуу боюнча мамлекеттик органда ишти каттоо, иштин техникалык долбоорун түзүү жана аны жер астын, айлана-чөйрөнү жана техникалык коопсуздукту коргоо боюнча мамлекеттик органдар менен макулдашып алуу зарыл.

## Кайсы ресурстар жөнүндө сөз болуп жатат?

Кыргыз Республикасынын мыйзамы менен жалпы тараган пайдалуу кендердин тиешелүү тизмеси, ошондой эле жалпы тараган пайдалуу кендердин майда кендүү жерлердин жана жергиликтүү маанидеги кендүү жерлердин тизмеси белгиленген.

Тактап айтканда, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2000-жылдын 14-июнундагы №338 токтомуна ылайык, мындайларга кеңири жайылган, талкаланган же табигый абалындагы, курулуш иштери жана курулуш материалдарын өндүрүү үчүн колдонулган минералдар жана тоо тектери кирет (жалпы тараган пайдалуу кендердин майда кендүү жерлери тууралуу кеңири маалымат 2-таблицада берилген):

- курулуш куму; шагыл жана майда таш;
- табигый кум-майда таш-шагыл аралашмасы;
- курулуш топо жана топурак (суглинок);
- тунма, магматикалык жана метаморфикалык тоо тектеринен жыртылган таш (бут жана шагыл);
- өндүрүш үчүн акиташ.

Көрүнгөн жана (же) алардын белгиленген деңгээлден ашкан запасы жана (же) өндүрүшү менен өзүнчө участоктогу кендүү жерлер жер астын колдонуу боюнча мамлекеттик орган менен макулдашылган соң жергиликтүү маанидеги кендүү жерлерге киргизилиши мүмкүн (3-таблица).

## Кендүү жерлерди иштетүүнүн каржылык аспекттери

Шаарлардын жана айылдык аймактардын аймагында жайгашкан жана муниципалитеттин өнүгүүсүнө таасир тийгизген пайдалуу кендердин кендүү жерлерин иштетүүнүн каржылык аспекттери төмөнкү факторлор менен мүнөздөлөт. Мамлекеттик жана жеке менчиктеги кендүү жерлер үчүн – жергиликтүү бюджетке түшкөн ставкалар жана салыктардын көлөмдөрү менен. Муниципалдык менчиктеги кендүү жерлер үчүн:

- пайдалуу кендердин ижарага берилген

**4-таблица. Роялти өлчөмү**

| Пайдалуу казып алуулар | Бирдик | Салуунун өлчөмү (сом) |
|---|---|---|
| Минералдык жана куюу үчүн ичүүчү таза суу | литр | 0,2 |
| Дартка каршы минералдык суулар | $м^3$ | 0,05 |
| Жылытуу үчүн термалдык суулар | $м^3$ | 0,12 |
| Ичүүчү жана техникалык суулар | $м^3$ | 0,13 |

кендүү жерлерин эксплуатациялоодон жергиликтүү бюджетке түшкөн ставкалар жана салыктын көлөмдөрү менен;
- пайдалуу кендердин кендүү жерлердин баалоочу наркы менен;
- пайдалуу кендердин кендүү жерлерди колдонуу үчүн ижара акысынын баасы менен.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү роялтинин 50% берүүнүн эсебинен жергиликтүү бюджеттердин киреше базасын кеңейтүүдө балким төмөнкү факторлорго негизделгендир:
- ЖӨБ органдарынын жарандарга көрсөткөн кызматтарынын сапатын жакшыртуу мүмкүнчүлүгүн камсыздоо, социалдык-экономикалык тапшырмаларды аткаруусу үчүн жергиликтүү бюджеттердин киреше потенциалын күчтөндүрүү зарылчылыгы;
- минералдык ресурстарды иштетүү боюнча жергиликтүү калк, ЖӨБ органдары, бизнес түзүмдөр ортосундагы өнөктөштүктүн деңгээлин жогорулатуу, коомдогу ынтымакты орнотуу жана кенди казган компаниялардын туруктуу ишин камсыздоо үчүн;
- казуу тармактарына инвестиция тартуу үчүн шарт түзүү боюнча ЖӨБ органдарын шыктандыруу деңгээлин жогорулатуу.

КР Салык кодексине ылайык, жер астын колдонуу үчүн салыктарга төмөнкүлөр кирет:
- **бонустар –** пайдалуу кендердин кендүү жерлерин геологиялык жактан изилдөө жана иштетүү максатында жер астын колдонуу укугу үчүн бир жолку төлөмдөр;
- **роялти –** иштетүү максатында жер астын колдонуу үчүн кезектеги төлөмдөр.

Роялти салыгын төлөөчү болуп Кыргыз Республикасында пайдалуу кендерди иштетүүчү (казуучу) ата мекендик уюм, туруктуу уюм аркылуу иш жүргүзүүчү чет өлкөлүк уюм, ошондой эле жеке ишкер эсептелет (мындан ары – салык төлөөчү). Роялти салыгын салуу объектиси болуп пайдалуу кендердин кенин иштетүү (казуу) боюнча иш эсептелет.

Роялти салыгынын базасы төмөнкүлөр болот:
- пайдалуу кендерди, ошондой эле пайдалуу кендерди иштетүүдөн алынган продукцияны сатуудан түшкөн акча, КНСти жана сатуудан алынуучу салыкты эсепке албастан;
- сатылган продукциянын көлөмү натуралай өлчөмүндө;
- жер астынан алынган суунун өлчөгүч менен ченелген көлөмү - суу менен камсыздоочу атайын уюмдардан башка роялти салыгын төлөөчүлөр үчүн.

Роялтинин ставкасы сатылган продукциянын көлөмүнөн, алынган суунун натуралай көлөмдөрүнө жараша төмөнкүдөй өлчөмдөрдө белгиленет (4-таблицаны караңыз).

Роялтинин ставкасы төмөнкүлөрдү сатуудан түшкөн акчадан белгиленет:
1. запастарынын өсүшүн эске алуу менен алтынга, күмүшкө жана платинага:
   - 10 тоннадан ашуун запастары бар кендер үчүн - 5%;
   - 3төн 10 тоннага чейин запастары бар кендер үчүн - 3%;
   - 3 тоннадан аз запастары бар кендер үчүн - 1%;
2. суу менен камсыздоочу адистешкен уюмдар үчүн - 5%;
3. гипске - 6% өлчөмүндө;
4. табигый таштардан бетин каптоочу материалдарды өндүрүү – 12%;
5. таш көмүргө, күрөң көмүргө - 1% өлчөмүндө.

Башка пайдалуу кендерге жана аларды иштетүү продуктуларына роялтинин ставкалары төмөнкүлөрдү сатуудан түшкөн каражаттан белгиленет:
- пайдалуу кендерди - 3%;
- пайдалуу кендерди кайра иштетүү продуктуларын – 2%.



## ЖӨБ органдарынын пайдасы

Бул норманын киргизилиши менен пайдалуу кендердин жаңы кендүү жерлерин өздөштүрүү, же иштеп жаткан ишканалардын ишмердүүлүгүнө көзөмөлдү күчөтүү боюнча ЖӨБ органдарынын ишмердүүлүгүн активдештирүү үчүн мотивация пайда болуш керек. Мында бул иштердин натыйжалуулугу ЖӨБ органдары менен салыктын бул түрүн тикеден-тике администрациялаган Мамлекеттик салык кызматынын

ортосунда өнөктөш, эки тарапка тең пайдалуу мамилелердин болушунан көз каранды.

КР Салык кодексинин 313-беренесине ылайык, салык төлөөчү отчеттук айдан кийинки айдын 20-күнүнө чейин отчет берүүгө жана роялти төлөөгө каттоодон өткөн жери боюнча милдеттүү болгонун белгилей кетүү маанилүү. Ал эми Салык кодексинин 98-беренесине ылайык, эсепке алып каттоо салык салуу объекттери турган жер боюнча жүргүзүлөт. Жөнөкөй тил менен айтканда, салык төлөөчү болгон казуучу компания Бишкек шаарында катталса да роялтини карьер жайгашкан жер боюнча төлөөгө милдеттүү. Бул жагынан алганда "Жалал-Абад" табигый суусун чыгарган компания мисал болуп бере алат. Минералдык суу чыгарган ири өндүрүшчүлөрдүн бири сууну Жалал-Абад шаарында куят жана ушундан улам роялтини облустук борбордун жергиликтүү бюджетине төлөйт. Аны менен катар жылчыктардын өзү Барпы айылдык аймагынын аймагында орун алган, бюджети муниципалдык жерди ижарага берүүдөн гана болбогон каражат алат. Карап көрөлүчү, Барпы айылдык аймагы кандай пайдадан кур калууда:

- Ичүүчү (минералдык) суунун жылчыгынын орточо дебети (кайтарымы) суткасына 15м$^2$ түзөт = суткасына 15 000 л.
- Айлык дебет 15000*30 = айына 450000 л түзөт. Роялтинин ставкасына ылайык, төлөмдөрдүн суммасы айына 450000*0,2=90000 сомду түзөт.
- Жергиликтүү бюджетке 90 000/2 = айына 45 000 сом, жылына 540 000 сом которулуш керек болчу.

## Салыкты кантип натыйжалуу кылса болот?

Салыктын бул түрү боюнча болжолдоо методикасы продукцияны иштетүүдөн салык төлөөчүгө түшкөн кирешенин көрсөткүчтөрүнө негизделиш керек. ЖӨБ органдары, Мамлекеттик салык кызматы жана статистика органдары ортосундагы өнөктөштүк орноп, эки тарапка тең пайда түшмөйүнчө мындай методиканы колдонууга киргизүү мүмкүн эмес.

Мындай өнөктөштүк төмөнкү тапшырмаларды аткарууга көмөктөшүш керек:

- салык төлөөчү иштеткен продукциянын көлөмү тууралуу үзгүлтүксүз объективдүү негизделген маалымат менен өз ара алмашып туруу;
- казуучу ишканалар тарабынан ишке ашырылган продукциянын көлөмү тууралуу маалыматты суратуу жана алдыртуу боюнча салык инспекторлоруна ыйгарым укуктарды берүү;
- ЖӨБ органдарынын салык инспекторлоруна жеринде текшерүү функциясын өткөрүп берүү.

Салыктын бул түрүн чогултууда натыйжа төмөнкү факторлордон көз каранды болот:

- минералдык ресурстарды казып жаткан ишканаларды салык кызматы менен өнөктөштүктө эсепке алуу;
- салыктын бул түрү боюнча кирешени болжолдоо үчүн маалымат алуу (казуунун көлөмү, иш жүзүнө ашыруунун өлчөмү);
- өткөн мезгил үчүн роялтинин төлөнгөн суммалары боюнча салык кызматынан маалымат алуу;
- жергиликтүү бюджетке 50% роялти которулганы боюнча казыналыктан маалымат алуу;
- салыктын бул түрү боюнча кирешенин болжолун аткарууга мониторинг;
- ишке ашыруунун көлөмү боюнча болжолдуу көрсөткүчтөргө жетүү үчүн өз ишин жакшыртууда казуучу ишканаларга көмөктөшүү.

## Муниципалдык менчиктеги маселелер

Буга чейин белгиленгендей эле, жергиликтүү бюджетке түшүп жаткан жер асты үчүн салыктын ставкасы жана суммасы ижарага (иштетүүгө) берилген, жеке да, мамлекеттик жана муниципалдык да жаратылыш кендеринин кендүү жерлеринин каржылык жагын мүнөздөйт. Пайдалуу кендердин муниципалдык кендүү жерлери үчүн баалоочу наркы (саткан учурда) жана ижара үчүн акынын баасы маанилүү мүнөздөмө болуп эсептелет. Пайдалуу кендердин кендүү жерлерин сатуу же ижарага берүү бул объекттерде муниципалдык менчиктин макамы болгондо гана мүмкүн.

Пайдалуу кендердин кендүү жерлерин муниципалдык менчиктеги объект катары бекитүү практикасы ушул күнгө чейин жайыла элек. Бул биринчи кезекте мамлекеттик ыйгарым укуктуу органдар менен кошумча издөөлөрдү жана макулдашууларды жүргүзүү зарылчылыгы менен байланыштуу болуп турат. Анткени жаратылыш ресурстарын башкаруу жана көзөмөлдөө боюнча укук жана ыйгарым укуктар мамлекеттик ыйгарым укуктуу органдардын карамагына өткөрүлүп берилген. Мындан тышкары ЖӨБ органдары буга чейин тиги, же бул табигый кендердин кендүү жерлерине ээлик кылганы тууралуу күбөлүктөн эч кандай пайда көрүшчү эмес.

Жергиликтүү бюджеттердин кирешесинин курамына жер астына салыктын 50% чегерүү тууралуу норма киргизилгенден тарта ЖӨБ органдарында биринчиден, объектке ээлик укугун алууга, экинчиден, жергиликтүү бюджетке түшкөн кирешени көбөйтүү үчүн казуу иштери менен алектенген компаниялардын ишмердүүлүгүнө көзөмөлдү күчөтүүгө мотивация жогорулайт. Жалпысынан алганда муниципалдык менчиктеги объект деген макамга ээ болгон пайдалуу кендердин кендүү жерлерин сатуу жана ижарага берүү маселелери "Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө" Мыйзамга ылайык аныкталат.



# Бирлик айылдык округу инвесторду... өзүнүн эле айылынан тапты

«Чоң чыгашалардан коркпош керек. Кичинекей кирешеден коркуш керек».
Джон Рокфеллер

**Таштак жерлер мөмө бактарына айланып, өз ээлерине жана жергиликтүү бюджетке киреше алып келе алышат**

**Элеттик муниципалитеттерде аз продуктивдүү айыл чарба жерлерин өздөштүрүүнүн кызыктуу формасын табышты. "Айыл чарба багытындагы жерлерди башкаруу боюнча Ош, Жалал-Абад жана Баткен облустарынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын потенциалын жогорулатуу" долбоорунун алкагында Баткен облусунун Кадамжай районундагы Бирлик айылдык башкармалыгы өз каражаттарын аз түшүмдүү жерлерге коротууну пландап жатат. Таштуу жарда жана кароосуз калган аймактарда өрүк багын гүлдөтүү пландаштырылып жатат. Жер боюнча адистердин эсебине ылайык, бул иштен жергиликтүү бюджетке жыл сайын 400 000 сомдон ашуун пайда түшүп турат.**

Асанбай Жороевдин Баткен облусунун Кадамжай районундагы Бирлик айылдык округунда жер адиси болуп иштегенине салыштырмалуу көп деле болгон жок – болгону экинчи жылга карады. Өз убагында ал үрөндүк картошканы өстүрүү боюнча айыл чарба кооперативинин башчысы болуп иштеп, аны ийгиликтүү өнүктүрүп жаткан. Бирок бара-бара толук кандуу бакубаттуулукка жетүү үчүн айылда биргелешип иштөө керектигин түшүнгөн соң Бирлик айылдык округуна жер адиси кызматына орношуу үчүн келет. 2011-жылы Ош, Жалал-Абад жана Баткен облустарында жаңжал потенциалын азайтуу максатында жер ресурстарын башкарууну жакшыртууга багытталган ЕККУнун долбоорунун алкагында өткөн окутуучу иш-чара учурунда башкаруучу катары укуктук талаада билимин жогорулаткан .

– Биздин айылдык округ ал убакта Котормо айылдык округунун кароосунда болчу. Котормонун өкүлдөру бизге айыл чарба багытындагы жерлерди колдонуу үчүн салык салуунун тартиби жана аукционду уюштуруу маселелери боюнча семинар өткөрүшкөн, – деп эскерет **Асанбай Жороев**. – Мен жер укугу тууралуу көбүрөөк маалыматка ээ болгум келди. Анткени АЧЖКБМФ жерлерин (Айыл чарба багытындагы жерлерди кайра бөлүштүрүү боюнча мамлекеттин фондунун жерлери) жөнгө салуу жана башкаруу боюнча билимим азырынча жетишсиз болууда. Бул маселелер боюнча билимимди жакшыртууга мага эски таанышым – "ЛАРК-Кадамжай" Фондунун директору Матлюба Тешебаева жардам берди. 2004-жылы эле ЛАРКтын юристтери мага укуктук кеңештерди берип, үй-бүлөлүк кооперативди каттоого жардам беришкен.

А. Жороевдин айтымында, бул кооператив азыр миллиондогон пайда алып келүүдө. –

Өткөн жылы долбоордун негизги максаты ЖӨБ органдарынын кызматкерлеринин укуктук билимин жогорулатуу болчу. Ага салыштырмалуу 2012-жылы биз айыл чарба багытындагы жерлерди башкаруу тармагындагы менеджмент системасын жакшыртуунун үстүнөн иштеп жатабыз, – дейт долбоордун менеджери, Укук жана бизнести өнүктүрүү фондунун укуктук адиси **Венера Болтобаева**. – Негизинен айыл өкмөтүнүн адистери айыл чарба багытындагы жерлерди колдонуудан жергиликтүү бюджетке түшүп жаткан финансы каражаттарын натыйжалуу башкаруу; жер салыгынан жана ижара үчүн төлөмдөрдөн которууларды көбөйтүү; торук өткөрүүнүн жол-жоболорун сактоо боюнча практикалык иш-чараларды өткөрүп турмакчы. Айыл чарба багытындагы жерлерди башкаруу чөйрөсүндө айыл өкмөтүндө келишимдик иштерди жана документтерди жүргүзүү системасын жакшыртууга да өзүнчө көңүл бурабыз.

2011-жылы Бирлик айылдык округу өзүн долбоордун ишенимдүү, жоопкерчиликтүү өнөктөшү катары көрсөтө алды. Мына ошондуктан 2012-жылы долбоордун 30 пилоттук округунун тизмесине кайрадан кирип, жеке "үй тапшырмасын" алды:

- аз продуктивдүү жерлердин Мамфондунан өздөштүрүү үчүн эки жарым гектар жер берүү;
- жер үлүштөрүн сугат айдоодон көп жылдык отургузулгандарга которуу;
- он үй-бүлө үчүн жер үлүштөрүнө укук орнотуучу жана укугун тастыктоочу документтерди каттоо;
- Айдаркен поселкалык башкармалыгы менен 26 гектар жер участогунун чек арасы боюнча талашты чечүү.

Бирлик айылдык округу тоолуу аймакта орун алган, анын айрым жерлери деңиз деңгээлинен 2000 метр бийиктикте жайгашкан. Кыргызстанда бул бийиктиктер – Альпы талаалары эмес жана түшүмдүү жерлерге кирбейт. Ушундан улам Бирликте айыл чарба багытындагы жерлерден эң жогорку киреше байкалбайт. Буга алардын аз болгону жана дыйкандарга жетип жаткан суунун өтө аздыгы себеп боло алат. Бул айылдык округда АЧЖКБМФ жерлери үчүн салыктан жана ижарага берүүдөн түшкөн каражаттын үлүшү өтө эле аз: 10% азыраак – 34 млн. сомдук бюджеттин киреше бөлүгүнүн 980 миң сомун түзөт. Калгандары - гранттар.

Айыл чарба багытындагы жерлерди колдонуунун эсебинен жергиликтүү бюджетке түшүүлөрдү көбөйтүүгө ар кандай караса болот. Айрым дыйкандар мамлекеттик сатып алуулар жана бааны жөнгө салуу системасын уюштурууну мамлекеттен талап кылуу жеңил деп эсептейт. Кээ бир аткаминерлер бул пикирлерге кошулат. Бирок башка да жолдору бар. Жер адиси А.Жороевдин баамында, продукциянын жаңы түрлөрүн активдүү өздөштүрүүнүн эсебинен жерди иштөөгө көндүрсө да, бюджетти толтурса да, жаңы орундарды түзсө да болот. Адистин айтымында, жер үлүштөрүн бириктирүү жана жерди ижарага берүү жана иштетүү жумуштарына активдүү катышууга дыйкандарды кошуу туура болмок. Мисалы, эми эле Бирликте 200гө жакын гектар эч талап кылынбаган жана аз түшүмдүү жерлерди ижарага берүүгө кам көрүп жатышат. Ал эми мындай жерлер ЖӨБ органдарында 671 гектарга жетет.

– Биз жер колдонуучуларын тарткыбыз келип жатат, – дейт Асан Жороев. – Аларга укуктук талаада шарт түзүп, ирригация менен жардам берейин деп турабыз. Жерлерди убактылуу жеңилдетилген шарттарда же бекер беребиз. Алгач жок дегенде 200 же 100 гектарды бир, эки же үч жылга беребиз. Анан алар жерди өздөштүргөндөн кийин ижаранын баасын жогорулатып, же жерлерди башка категорияга өткөрсө болот.

Бирликте миңге жакын гектар Айыл чарба багытындагы жерлердин Мамлекеттин фондунун



**Асан Жороев (солдон экинчи) айыл чарба багытындагы жерлерди натыйжалуу башкаруу боюнча окууларга катышып, өз билимин жогорулатат**

жерлери бар. Алардын ичинен айыл чарба продукциясы 268 гектарында гана өстүрүлөт. Башка аймактардын ижарасы да чеке жылытпайт – жер көптөй эле көрүнөт, бирок суу жок, айыл чарба техникасы да эски, жер семирткич жетишсиз. Бирок дыйкандарды өзгөчө тынчсыздандырганы – бул сата турган базар. Бул жерде картошка, сабиз, алма өстүрүлөт. Негизги кардар – коңшу Өзбекстан, бирок чек аралардын жабылышы менен базарда соода тыптыйпыл токтоду. Бирок бизнес деген бизнес экен жана чоң мамлекеттик саясат жергиликтүү деңгээлде кумсарып, "өз адамыбыз го – тил табышабыз" деген принцип менен иштөөдө. Ошондуктан ошол эле картошка, сабиз, алманын аткезчилиги күч алып жатат. Бирок бул жерде дыйкандарды коркунуч тороп турат – чек ара бекетинде кармалып, бардык товарынан ажырап калышы ыктымал. Мына ошондуктан Мамфонддун жерлерине талап аз. Анткен менен жер адиси Жороев кырдаалга оптимисттик маанай менен карайт.

– 18 жылдан бери, постсоветтик мезгилден тарта биздин округда бизнести баштоо жана продукцияны сатуу үчүн оор шарттар болгон үчүн жердин 700 гектарга жакыны иштетилбей жатат. Бирок эгерде таштарды алып таштап, башка өсүмдүктөрдү өстүрүп, кык же башка жер семирткичтерди ташып келсе, бактарды отургузууга болот. Ошондуктан биз өз бюджетибизден жерге инвестиция киргизип, инфраструктураны жакшырткыбыз келди. Бул жерлерге салык алынбаганы маанилүү, ошондуктан дыйкандарга жерлерди жер салыгы жана ижара акысы жок эле берсе болот. Бүгүн биздин айылдын бир тургуну 200 гектарды өздөштүрүп, мында жылына ар бир гектар үчүн 2000 сом төлөгөндү ойлонууда. 5 жылдан кийин ижара акысы жылына 400 000 сом болот.

Жер адиси айыл өкмөтү юристтердин жардамысыз жаңычыл идеяларды ишке ашырууга батына албай турганын мойнуна алды. Муниципалитеттин кызматкерлери да, дыйкандар да бардык чоо-жайын билишпейт. "Биз бир гана мыйзамды баарынан жакшы билебиз – отургузуу, казуу, себүү, сатуу", - дешет алар. Ошондуктан элеттиктер үчүн юрист менен иштешүү абдан маанилүү.

– Жерге инвестиция киргизүү боюнча өз идеяларыбыздан жаңылбаш үчүн биз жергиликтүү ишкерлерден өнөктөштөрдү таап, алар менен "оюндун шарттары" тууралуу алдын ала сүйлөшүп алышыбыз керек. Мында биз аларга каражат кошкондон кийин жерди өз менчигине же узак мөөнөттүү ижарага алаары тууралуу белгилүү бир кепилдиктерди беришибиз керек. Кийин эч ким алардан бул ресурсту тартып албагандай болуш керек. Анткени бизде адатта кандай? Кимдир бирөө иштеп, ошол иши алдыга жүрүшө баштаганда башкалар "эмне үчүн бул пайда таап атат? Келгиле, бул жерди аукционго же сынакка коёбуз!" деп айта баштайшат. Мындай болбошу үчүн инвесторлор кепилдикке ээ болуш керек, биз долбоордун бекем юридикалык камсыздоосуна ээ болушубуз зарыл, - деген пикирин ортого салды А.Жороев.

Жерди ижарага акысыз берүү аракетинде юристтер эч кандай мыйзамдан чегинүүнү көрүшкөн жок.

– Алар албетте ижара акысын акча түрүндө талап кылбастан жерди бере алат, – дейт "ЛАРК-Кадамжай" фондунун директору Матлюба Тешебаева. – Бирок айыл өкмөтү ошол жерлерди өздөштүрүү жана абалын, сапатын жакшыртуу боюнча иштердин аткарылышын көзөмөлдөш керек. Мында дыйкан жер үчүн салыктан бошотулбайт. Ижара акысынын өлчөмүн жана түрүн жергиликтүү кеңеш аныктайт, ал эми салык төлөө милдеттүү төлөм деп эсептелет.

Жерди ижарага акысыз берүү шартында да бир заматта бардык 671 гектар жер өздөштүрүлүп калбайт деп эсептейт А. Жороев. Колдонууга берилген алгачкы 100 гектар аз түшүмдүү жерлерди өздөштүрүүнүн үлгүсү болуп калмакчы.

Ал арада аз түшүмдүү жерлерди трансформациялоо жана аларды активдүү кирешелүү айыл чарбалык жүгүртүүгө кошуу тажрыйбасы Кыргызстанда бар. 18 жыл мурда ишкердүү дыйкан Ысман Кабылов Баткен районундагы Карабак айылдык округундагы сугарылбаган, кайрак жерде өрүк багын негиздеген. Ошондо кары дыйкан өзү жалгыз ээн аймакты иштеткен – суу түтүгүн тарткан, көчөт отургузуп, аларга кам көрүп, арык казган. Ошол убакта Ысман өздөштүргөн эки жарым гектар бүгүн аны жана анын үй-бүлөсүн туруктуу жана аз эмес пайда менен камсыздап турат, ошондой эле жергиликтүү бюджетке да туруктуу акча түшүп турат. Демек аз түшүмдүү жерлерди колдонуу боюнча рационалдык ыкма анын ичинде жергиликтүү бюджет үчүн да аз эмес кирешенин булагы болуп бере алат. Мындан улам 2012-жылы "Айыл чарба багытындагы жерлерди башкаруу боюнча Ош, Жалал-Абад, Баткен облустарынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын потенциалын жогорулатуу" долбоорунун катышуучулары үчүн айыл чарба багытындагы аз түшүмдүү жерлерди өздөштүрүү көпчүлүк "үй тапшырмалардын" пункту болуп калганы да логикага сыят. Ошентип аз түшүмдүү жерлерди 30 айылдык өкмөттүн тогузу өздөштүргөнү жатат. Өзүнүн "үй тапшырмалары" үчүн темаларды долбоордун катышуучулары ушул жылдын башында УБӨФ өткөргөн орнотуучу семинарлардын биринде өз алдынча тандашты. Өткөн жылдын тажрыйбасына негизделип, 2012-жылы УБӨФ 15-25% пилоттук АӨ айыл чарба багытындагы жерлерди башкаруудан кирешенин өсүшү түрүндө каржылык натыйжа алууну, ошондой эле бул кирешелерди башкаруу системасын жакшыртууну пландаштырып жатат.

**Павел ГРОМСКИЙ**
**(сүрөт автордуку)**

# ЖӨБ органына муниципалдык менчикке (кыймылсыз мүлккө) болгон укуктарды мамлекеттик каттоодон өткөрүү боюнча Памятка

**Бул памятка "Ресурстарды натыйжалуу башкаруунун эсебинен жаңжал ыктымалдуулугун азайтуу максатында Баткен, Жалал-Абад жана Ош облустарында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын потенциалын күчөтүү" долбоорунун алкагында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик каттоо кызматына караштуу кадастр жана кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо Департаменти жана Өнүктүрүү саясат институту тарабынан биргелешип даярдалды**

Кыймылсыз мүлк бирдиги (кыймылсыз мүлк) – белгиленген чек арага ээ болгон жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, физикалык, юридикалык жактардын, мамлекеттик же муниципалдык менчиктин ээлигинде же колдонуусунда болгон жер участогу, имарат, курулуш, батир же башка кыймылсыз мүлк.

Кыймылсыз мүлк объектисине муниципалдык менчик укугу КР Жарандык кодексинин 24-25-беренелерине жана КР "Кыймылсыз мүлккө жана аны менен болгон бүтүмдөрдү укуктарды мамлекеттик каттоо жөнүндө" мыйзамдын 4-беренесине ылайык, укуктар КР Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик каттоо кызматынын алдындагы Кадастр жана кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо департаментинин жергиликтүү каттоо органдарында мамлекеттик каттоодон өткөндөн кийин гана пайда болот.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары муниципалдык менчиктеги объектке укугун аныктаган документ алынгандан кийин (Өкмөттүн өткөрүп берүү тууралуу токтому, сатуу-сатып алуу, же алмашуу тууралуу келишим ж.б.), ал эми курулуш жүрбөгөн участоктор үчүн – мындай документсиз эле Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин негизинде жергиликтүү жамааттын жерге болгон укугун тиешелүү жергиликтүү каттоо органында (мындан ары – ЖКО) каттоого милдеттүү.

Кыргыз Республикасынын "Кыймылсыз мүлккө жана аны менен болгон бүтүмдөрдү укуктарды мамлекеттик каттоо жөнүндө" мыйзамына ылайык (21-берене), алдын ала каттоонун укуктук режими толук каттоодон чыгымдардын ордун толуктоо кепилдиги болбогону жагынан айырмаланат. Ошондуктан мындай каттоо жергиликтүү өз алдынча башкаруунун кызыкчылыктарына чоң зыян деле тийгизбейт (башка оң шарттарда), анткени жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына алардын жерди колдонуу укугуна тоскоолдук кылбайт. Анткен менен жагымсыз шарттар пайда болгон кырдаалга (мамлекеттик органдар же жеке жактар жер участогуна талапкер катары чыкканда) даяр болуу үчүн албетте толук каттоодон өтүп коюу максатка ылайык.

## Муниципалдык менчикке укукту мамкаттоо үчүн кандай документтер зарыл?

Аныкталган формадагы арыз.

1. Кыймылсыз мүлк бирдигине укукту аныктаган документтер. Укукту аныктаган документ катары төмөнкүлөрдүн бири боло алат:
   - Мамлекеттик менчиктен муниципалдык менчикке өткөрүлүп жаткан кыймылсыз мүлккө укукту тастыктаган жана бекиткен Кыргыз Республикасынын тиешелүү токтому;
   - сот органдарынын чечими;
   - тиешелүү жарандык-укуктук келишим;
   - мыйзам менен курулуш жүрбөгөн участоктор үчүн – бул Жер кодексине жөн гана шилтеме жана бул участокту

муниципалдык катары белгилөө тууралуу айылдык кеңештин токтому.

2. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын катталганы тууралуу күбөлүктүн түп нускасы жана бир көчүрмөсү;
3. Каттоо органынын кызматтары төлөнгөнүн тастыктаган эсеп дүмүрчөк;
4. Кыймылсыз мүлк бирдигинин техникалык мүнөздөмөсүн камтыган документ.

Мамлекеттик менчикте болгон имаратты жана курулушту муниципалдык менчикке өткөрүп берүүдө мамлекеттик мүлктү менчиктештирүү жана башкаруу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган кабыл алуу-өткөрүп берүү тууралуу актыны берет.

Муниципалдык менчикке укукту каттоо ыйгарым укуктуу органдын арызы боюнча ишке ашырылат. Ушул учур үчүн айтсак, бул – айыл өкмөтү.

Менчик укугун каттоо тууралуу арыз берилбеген, бирок укукту чектөөнү (убара кылуу) каттоо үчүн негиз пайда болгон учурда менчикке болгон укук мунун алдында көрсөтүлгөн тиешелүү чемдик-укуктук актынын негизинде катталат. Ал ага каттоо ишинде, ошондой эле кошумча каттоо бөлүмүндө сакталыш керек.

Укукту каттоодо менчик ээси тиешелүү жергиликтүү өз алдынча башкаруу органын көрсөтөт.

Бардык документтер ЖКОго эки нуска менен берилет, алардын бири түп нуска болуш керек. Мамлекеттик каттоодон өткөндөн кийин документтин түп нускасы арыз берүүчүгө кайтарылат, ал эми анын көчүрмөсү каттоо ишине киргизилет.

Жергиликтүү каттоо органдары укукту аныктоочу документтерди арыздын негизинде кабыл алат. Ал арызды укук ээси өзү, же мыйзамга ылайык арыз берүүгө укугу бар жак тапшырыш керек.

Арыз берүүчүнүн өздүгү төмөнкүлөр менен тастыкталат:

- физикалык жак үчүн – өздүктү тастыктаган документ (паспорт);
- юридикалык жак үчүн – өкүлдүн өздүгүн (паспорт) жана ыйгарым укуктарын тастыктаган документтер, андан тышкары юридикалык жактын каттоосу тууралуу күбөлүк жана юридикалык жактын уюштурулганы тууралуу документтер.

Укуктарды мамлекеттик каттоого арыздарды кароонун кезеги алардын тапшырылган күнү жана убактысына жараша тартипте аныкталат.

## Муниципалдык менчикке укуктарды мамкаттоону жүргүзүү мөөнөтү

Алгачкы мамлекеттик каттоо муниципалдык менчик орун алган жер боюнча ЖКО арыз менен кайрылган күндөн тарта 7 (жети) иш күнүнүн ичинде ишке ашырылат. Буга чейин катталган кыймылсыз мүлккө (муниципалдык менчикке) мамлекеттик каттоо 3 (үч) иш күнүнүн аралыгында ишке ашырылат.

Арыз берүүчүдөн документтерди кабыл алууда жергиликтүү каттоо органы документтин түшкөн күнүн жана так убактысын келип жаткан документтерди каттоо журналында каттап коймонго милдеттүү.

Арыз берүүчүгө кабыл алынган күнү жана убактысы көрсөтүлгөн тиешелүү документтерди каттоого алуу үчүн алынганы тууралуу тил кат берилет.

## Муниципалдык менчикке укуктарды мамлекеттик каттоону ишке ашыруу боюнча иштердин баасы

Кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо:

- физикалык жактар үчүн – 256, 71 сом,
- юридикалык жактар үчүн – 641,97 сом (салыктар кошулган жок).

Кыймылсыз мүлк тууралуу маалымат алуу:

- физикалык жактар үчүн – 78,01 сом,
- юридикалык жактар үчүн – 160,79 сом (салыктар кошулган жок).

Келип каттоо учурунда жер орноштуруу иштери (мисалы, кыймылсыз мүлк жайгашкан жерге баруу ж.б.) же башка иштер “Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик каттоо кызматынын алдындагы Кадастр жана кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо департаментинин аймактык органдары аткарган иштердин Баасына” ылайык, акынын негизинде жүргүзүлөт.

Түрдүү кызматтардын баасы менен жергиликтүү каттоо органдарында тааныша аласыздар.

## Муниципалдык менчикке укукту каттоону токтото туруу же баш тартуу үчүн кандай жүйөлөр келтирилет?

Кыймылсыз мүлккө (муниципалдык менчикке) иш жүзүндө ээлик кылгандын укуктарын каттоону 10 күндөн ашык эмес мөөнөткө токтото турууга бул укукту талашкан жактын арызы негиз боло алат.

Каттоону 10 күндөн ашык мөөнөткө токтото туруу талашылып жаткан укукту каттоону токтото туруу тууралуу соттун чечиминин негизинде ишке ашырылат.

Каттоону токтото туруу тууралуу соттун чечими 10 күндүн ичинде түшпөгөн учурда укук каттоого алынууга тийиш.

Кыймылсыз мүлккө укукту каттоодон баш тартуу төмөнкү жүйөлөрдүн негизинде гана ишке ашырылышы мүмкүн:

- эгерде тапшырылган документтер Кыргыз Республикасынын “Кыймылсыз мүлккө жана аны менен болгон бүтүмдөрдү укуктарды мамлекеттик каттоо жөнүндө” мыйзамы жана Кыргыз Республикасынын башка ченемдик-укуктук актылары тарабынан орнотулган талаптарга жооп бербесе;
- эгерде укукту каттоо тууралуу арыз менен кылган ишине юридикалык жол менен жоопту болууга жөндөмдүү эмес жаран кайрылса;
- эгерде тапшырылган документти берген уюм, же жак, же болбосо бул документке тиешеси бар бирөө ошол укуктарды башкарууга ыйгарым укуктуу болбосо;
- эгерде белгилүү бир шарттар менен чектелген (убара кылган) укукка ээ болгон жак бул шарттарды көрсөтпөстөн документти түзүп койсо;
- эгерде кыймылсыз мүлк бирдиги тууралуу тапшырылган документтер арыз берүүчүнүн бул кыймылсыз мүлк объектисине укугу болбогонун тастыктап турса;
- эгерде арыз берүүчү укуктарды мамлекеттик каттоо тууралуу суранып жатса да ошол кыймылсыз объектке чектелген (түйшүккө салган) укук каттоого алынышы керек болгон укукка кирбесе.

Каттоодон баш тартылган учурда арыз берүүчүгө анын себебин түшүндүргөн билдирүү жөнөтүлөт. Каттын көчүрмөсү мунун алдында ошол кыймылсыз мүлк бирдиги үчүн толтурулган каттоо ишинин ичине жайгаштырылат, ал эми каттоо журналына тиешелүү жазуу жазылат.

Кыймылсыз мүлккө жана аны менен болгон бүтүмдөрдү укуктарды мамлекеттик каттоодон баш тартуусуна, же болбосо каттоо органынын каттоодон четтешине арызданып, мамлекеттик каттоонун жогорку органына же сотко кайрылса болот.

## Муниципалдык менчикке укуктарды каттоо үчүн документтер кандай себептер менен кабыл алынбашы мүмкүн?

Сөздөр чийилип калган, же үстүнөн бастырылып жазылган, же өчүрүлүп салынган жана башка макулдашылбаган өзгөртүүлөрдү камтыган документтер, ошондой эле карандаш менен толтурулган документтер кабыл алынбайт.

Документтерди кабыл алуудан баш тартууга төмөнкүлөр негиз болуп берет:

- тиешеси жок жактын кайрылуусу;
- мамлекеттик каттоо боюнча иштер үчүн акы төлөнгөнүн тастыктаган документ болбосо, же ал туура эмес толтурулса;
- арыз берген жактын колунда анын өздүгүн тастыктаган документи болбосо;
- өкүлдүн ыйгарым укуктарын тастыктаган документ жок болсо, же ал тиешелүү түрдө болбосо;
- кыймылсыз мүлк бирдигине (муниципалдык менчик бирдиги) укукту аныктаган документ жок болсо;
- каттоо үчүн берилген документтер каттоонун талаптарына жооп бербесе.

Каттоого көрсөтүлгөн документтерди кабыл алуудан баш тартылган учурда бекитилген форманын бетинде анын себеби түшүндүрүлүп жазылган соң арыз арыз берүүчүгө кайтарылат.


## Эгерде документтерди ЖКО кабыл албай жатса эмне кылыш керек?

Эгерде документтерди кабыл алуудан баш тартуунун себептери жетишерлик деңгээлде жүйөлүү болбосо, сиз (арыз берүүчү) документтерди кабыл алуу жана тапшыруу боюнча адистин аракеттерине арызданып, ЖКО жетекчилигине кайрылууга укуктуусуз. Эгерде бул маселени ЖКО жетекчилиги чечпесе, сиз сотко кайрылууга укуктуусуз.

## Кыймылсыз мүлктү ижарага берүү келишими кантип катталат?

Ижара келишими жазуу түрүндө түзүлүш керек. 3 жылга же андан ашуун убакытка ижарага берүү келишими милдеттүү түрдө катталыш керек. Эгерде ижара келишими үч жылдан аз мөөнөткө түзүлсө, анда тараптардын биринин талабы боюнча ал катталыш керек (Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 545-беренеси).

# ККМУКД жергиликтүү каттоо органдарында (ЖКО) кыймылсыз мүлккө жана аны менен болгон бүтүмдөрдү укуктарды мамлекеттик каттоо процессинин схемасы




Бул схема "Ресурстарды натыйжалуу башкаруунун эсебинен жаңжал ыктымалдуулугун азайтуу максатында Баткен, Жалал-Абад жана Ош облустарында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын потенциалын күчөтүү" долбоорунун алкагында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик каттоо кызматына караштуу кадастр жана кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо Департаменти (ККМУКД) жана Өнүктүрүү саясат институту тарабынан биргелешип даярдалды.

# «Элдин үнү жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс» долбоору КИЧИ ГРАНТТАР ПРОГРАММАСЫНЫН башталгандыгы тууралуу жарыялайт

Өнүктүрүү саясат институту "Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс" долбоорун (мындан ары – Долбоор) ишке ашырууда. Долбоор Швейцария Өкмөтү тарабынан Улуу Британиянын Эл Аралык Өнүктүрүү боюнча министрлиги менен өнөктөштүктө каржыланат.

Долбоордун негизги максаты – жарандардын бюджеттик процесске катышуусун камсыздоо жана жеринде кызмат көрсөтүүнүн сапатын жогорулатуу максатында ЖӨБ органдарынын дараметин күчөтүү. Бул Долбоордун алкагында кичи гранттар программасы ишке ашырылат.

## Кичи гранттар программасынын максаты

Кичи гранттар программасынын негизги максаттары төмөнкүлөр:

- артыкчылыктуу көйгөйлөрдү биргелешип аныктоо үчүн жергиликтүү жамаат менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ортосунда өнөктөштүктү орнотууга көмөктөшүү;
- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына пландаштыруу усулдарын бекемдөө, финансы каражаттарын, анын ичинде капиталдык салымдарды бөлүштүрүүгө жана башкарууга көмөктөшүү;
- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын финансы каражаттарынын (бюджеттик жана бюджеттен тышкаркы) колдонушуна мониторинг жүргүзүүгө жергиликтүү жамаатка көмөктөшүү;
- артыкчылыктуу көйгөйлөрдү чечүү (инфраструктуранын физикалык жакшыруусу).

## Гранттардын максаттуу багыты

Долбоордун Гранттык фондунун каражаттары жергиликтүү жамааттын жашоо шартын жакшыртууга багытталган долбоорлорду каржылоо үчүн колдонулат. Долбоордук идеялар калктын катышуусу менен анкета жүргүзүүнүн, фокус-топтордун жана элеттин көйгөйлөрүн биргелешип аныктоо боюнча иш-чаралардын (ЭКБА/PRA-сессиялар) жардамы менен аныкталган артыкчылыктарга шайкеш келиш керек.

## Арыз берүүчүлөр

Кичи гранттар программасына арыз берүүчүлөр - Ысык-Көл облусунун жана Жалал-Абад облусунун жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдары.

## Узактыгы

6 айдан ашпаш керек.

## Гранттын суммасы

Бир айылдык аймак үчүн гранттын суммасы 20000 Швейцар франкынан ашпайт. Мында жамааттын салымы же долбоорду колдоо үчүн жергиликтүү бюджеттен бөлүнгөн каражаттын үлүшү долбоордун жалпы баасынан 10% кем болбошу керек. Салым акчалай түрүндө да, ошондой эле материалдык жана эмгек ресурстары түрүндө да боло алат. Арыз берүүчү бир гана табыштаманы тапшыра алат, мында суралып жаткан сумма гранттын суммасынан ашпаш керек.

## Долбоордук табыштаманы берүү мөөнөтү

Долбоордук табыштамаларды "Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс" долбоорун ишке ашырып жаткан Өнүктүрүү саясат институтуна 2013-жылдын 12-мартынан кеч эмес мөөнөттө тапшырылыш керек.

## Кичи гранттар программасын ишке ашыруунун тартиби

Кичи гранттар программасын ишке ашыруу процессинде бардык арыз берүүчүлөр үчүн милдеттүү шарт катары эсептелген төмөнкү аракеттер катары менен аткарылыш керек:

**1-кадам.** Артыкчылыктарды аныктоо. ЖӨБО ар бир айылдын калкын мүмкүн болушунча көбүрөөк тартуу менен айылдык аймактардагы айылдардын артыкчылыктуу көйгөйлөрүн аныктайт (анкета жүргүзүү фокус-топтор жана PRA-сессиялар, айылдык жыйындар аркылуу); жергиликтүү жамааттын артыкчылыктарын аныктайт; демилгелүү топторду түзөт (мындан ары – ДТ)[1].

**2-кадам.** Артыкчылыктуу тапшырмаларды чечүүнү пландаштыруу. ЖӨБО ДТ менен биргелешип жооптууларды аныктоо аркылуу табылган көйгөйлөрдү чечүү боюнча аракет планын иштеп чыгат.

**3-кадам**. Жамаатты маалымдоо. ЖӨБО долбоордук идеяларды чогултуу тууралуу маалымат өнөктүгүн өткөрөт жана долбоорду башкаруу жана иштеп чыгуу боюнча тренингге өкүлдөрдүн катышуусун камсыздайт. Тренингдин убактысы жана орду тууралуу Долбоор кошумча маалымдайт (тренингдин катышуучулары: ДТ, АӨ кызматкерлери жана жергиликтүү кеңештин депутаттары). Тренингдер жана Долбоордун башка иш-чаралары тууралуу маалыматтар алдын ала

[1] ЭКБА, Долбоор менен кызматташуу тажрыйбасы бар КР муниципалитеттеринде ДТ түзүлүшү жана иши тууралуу маалыматты «Муниципалитет» журналынан (№2 саны, 2010-жылдын январь айы жана №4 саны, 2012-жылдын март айы) жана Долбоордун www.vap.kg сайтынан окуңуз.

Долбоордун www.vap.kg сайтында жайгаштырылат.

**4-кадам.** Долбоорду тандоо. Айылдын жыйынында артыкчылыктуу долбоор тандалат: ДТ долбоорду тартуулайт, айлдык жыйындын катышуучулары артыкчылыктуу долбоорду тандайт, БМжБ боюнча Жумушчу топтун курамын тандайт, долбоорду кошо каржылоо маселеси талкууланат.

**5-кадам.** Долбоордун иштеп кетүүсүн текшерүү. ЖӨБ аткаруу органы долбоордун ишке ашуусун текшерип, эксперттик баа берет, ДТ долбоордун техникалык-экономикалык негиздүүлүгүн даярдоодо колдоо көрсөтөт.

**6-кадам.** Маалымдоо. ЖӨБО грантка тандалып алынган долбоор боюнча маалымат өнөктүгүн жүргүзөт.

**7-кадам.** Бекитүү. Жергиликтүү кеңештин сессиясы артыкчылыктуу долбоорду бекитет, жергиликтүү бюджеттен кошо каржылоонун үлүшүн жана жергиликтүү жамааттын каражатынан салымды бекитет, Долбоорго биргелешип мониторинг жүргүзүү жана баалоо (БМжБ) боюнча Жумушчу топтун курамын бекитет.

**8-кадам.** Долбоордук табыштаманы даярдоо.

## Долбоордук табыштаманы баалоонун критерийи

| № | Критерийлерди сүрөттөө | Критерийлердин көрсөткүчтөрү | Упайы 100% |
|---|---|---|---|
| 1 | Долбоордогу көйгөйдү жергиликтүү жамааттын мүчөлөрүнүн көбү артыкчылыктуу катары көтөрүп чыгып, колдоп, аныкташы керек. Көйгөйдүн артыкчылыктуу болгону жана өткөрүлгөн иш-чаралар тиешелүү документтер тарабынан тастыкталышы керек (жыйындардын, чогулуштардын протоколунун көчүрмөсү, жүргүзүлгөн анкетанын, фокус-топтордун, PRA-сессиялардын жыйынтыктары, түзүлгөн ДТ АӨ башчысынын буйругу менен бекитилген курамы, фото, видео документтер). | PRA-сессиялардын/ сурамжылоолордун ж.б. катышуучулардын саны. Иш-чаралардын саны, ДТ карата жергиликтүү кеңеште ченемдик-укуктук актынын болгону | 15% |
| 2 | Долбоордо көрсөтүлгөн көйгөй аныкталган көйгөйдү биргелешип чечүү боюнча аракет планында жана айылдык кеңештин сессиясында бекитилген планда да чагылдырылыш керек (АК сессиясында бекитилген аракет планынын, айылдык жыйындын протоколунун көчүрмөсү) | Жергиликтүү кеңеште ченемдик-укуктук актынын болгону | 10% |
| 3 | Бардык ДТ долбоордук идеяларды даярдоо жана тандоо үчүн тең шарттар түзүлүп берилди. Долбоордук идеяларды тандоо бардык Демилгелүү топко карата тең жана акыйкат мамиле жасоо принциби боюнча өттү. Долбоорго биргелешип мониторинг жүргүзүү жана баалоо боюнча Жумушчу топтун курамы тандалды. | Долбоорлордун саны | 7% |
| 4 | Долбоордук идеяларды чогултуу жана тандалган артыкчылыктуу план тууралуу калкты маалымдоодо колдонулган усулдар калкты мүмкүн болушунча көбүрөөк тартууну камсыздады (тастыктаган документтер: жарыялардын көчүрмөлөрү, фото жана видео материалдар). | Колдонулган маалымдоо аспаптарынын саны (анын ичинде долбоорду тандаганга ЧЕЙИН жана АНДАН КИЙИНки маалымат өнөктүгү) | 12% |
| 5 | Тандалып алынган артыкчылыктуу долбоорду бекитүү (артыкчылыктуу долбоорду бекитүү, жергиликтүү бюджеттен кошо каржылоонун үлүшүн жана жергиликтүү жамааттын каражатынан салымды бекитүү, Долбоорго биргелешип мониторинг жүргүзүү жана баалоо (БМжБ) боюнча Жумушчу топтун курамын бекитүү тууралуу жергиликтүү кеңештин сессиясында кабыл алынган чечимдердин көчүрмөсү). | Жергиликтүү кеңеште ченемдик-укуктук акттын болгону | 7% |
| 6 | Долбоор бир жолку жардам катары гана калып кетпестен, өнүктүрүүгө багытталыш керек. | Келтирилген жүйөлөрдүн ынанымдуулугу | 7% |
| 7 | Көйгөйдү чечүү менен айыл тургундарынын көпчүлүгүнүн жашоо шарты жакшырыш керек (долбоор жергиликтүү жамааттын керектөөлөрүнө жана талаптарына шайкеш келиш керек). Эгерде долбоордун жардамы менен чечилчү көйгөй адамдардын өмүрүнө жана саламаттыгына коркунуч жаратса, калктын өтө чоң эмес бөлүгүнүн шарттарын жакшыртууга багытталган долбоорду ишке ашырууга уруксат берилет. | Долбоордон пайда алган бенефициарлардын саны | 10% |
| 8 | Балдардын, аялдардын, карылардын көйгөйлөрүн чечүүгө багытталган Долбоорлорго артыкчылык берилет. | Бенефициарлардын сапаттуу курамы | 10% |
| 9 | Табыштамада долбоордун туруктуу натыйжасын камсыздаган чаралар каралыш керек, б.а. долбоордук цикл аяктагандан кийин ошол долбоордо башталган кайсы демилге жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы жана жамаат тарабынан колдоого алынарынын же улантыларынын так жана даана сүрөттөлүшү. | Долбоордун туруктуулугунун сүрөттөлүшү, Долбоордун туруктуулугу боюнча иш-чаралардын планынын болгону | 10% |
| 10 | Долбоордук табыштаманын бюджети реалдуу каржылык эсептерден түзүлүп, мында Долбоордун Гранттык фондунан суралып жаткан каражаттын кайда жумшаларын көрсөткөн конкреттүү беренелер, башка булактардан каржылана турган беренелер (республикалык же жергиликтүү бюджеттен, жамааттын салымы ж.б.) көрсөтүлүш керек. | Долбоордун бюджетинин реалдуу болгону, кошо каржылоонун реалдуу болгону | 7% |
| 11 | Долбоордун жардамы менен иш орундарынын түзүлүшү. | Долбоорду ишке ашыруунун натыйжасында түзүлгөн иш орундарынын саны | 5% |

Айыл өкмөтү ДТ катышуусу менен Долбоордук табыштаманы бардык тиркемелери менен бирге толтуруп, Долбоордун кеңсесине тапшырат. Кеңсенин дареги: Бишкек ш., Үсөнбаев көч, 44-үй[2].

## Долбоордук табыштамаларды карап чыгуу жана сынактын негизинде тандоо

Арыз берүүчүлөр форма боюнча даяр долбоордук табыштамаларды Долбоордун кеңсесине беришет ("Долбоордун табыштамасынын формасы" №1 тиркеме) Долбоордун кызматкерлери сынактын негизинде тандап алуу үчүн алдын ала даярдык көрүү ишин жүргүзөт. Тагыраак айтканда:

- Долбоордук табыштамаларды каттайт.
- Шайкеш келүү критерийлери боюнча долбоордук табыштамаларды алдын ала көрүүнү/киргизүүнү уюштурат. ("Долбоордук Табыштаманы киргизүү формасы" №2 тиркеме).
- Сынактык комиссиянын кароосу үчүн даярдалган, гранттын критерийлерине шайкеш келген долбоордук табыштамаларга документтерди даярдайт (долбоордук табыштаманын аннотациясы жана көчүрмөсү).

Сынактык комиссия табыштамаларды берүү мөөнөтү аяктаган учурдан тарта 15-20 иш күнүнүн ичинде табыштамаларды баалайт. Комиссиянын мүчөлөрү табыштамаларды балл боюнча критерийлерге ылайык баалайт жана кандай баалаганы боюнча түшүндүргөнү үчүн жоопту эмес. Эң көп балл алган долбоордук табыштама жеңүүчү деп табылат.

Сынактын жыйынтыгы тууралуу маалымат Долбоордун сайтындагы "Жаңылыктар" деген бөлүмдө жана "Муниципалитет" журналында жарыяланат. Жеңүүчүлөр Сынактык комиссия чечим чыгаргандан кийин бир апталык мөөнөт ичинде жазуу түрүндө маалымдалат.

## Сынактык комиссиянын курамы:

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн аппаратынын өкүлү;
- Кыргыз Республикасынын Каржы министрлигинин өкүлү;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Курулуш жана регионалдык өнүктүрүү боюнча мамлекеттик агенттиктин өкүлү;
- Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү өз алдынча башкаруу бирикмесинин өкүлү;
- "Демократия жана жарандык коом үчүн коалициясы" КБ өкүлү;
- Өнүктүрүү саясат институтунун өкүлү;
- Долбоордун өкүлү.

## Меморандумга кол коюу

Сынактын жеңүүчүсү аныкталгандан кийин Долбоор менен Арыз берүүчүнүн ортосунда Долбоордук табыштаманы ишке ашыруу тууралуу Меморандумга (мындан ары – Меморандум) кол коюлат.

## Каржылоо

Акча каражаттарынын кыймыл схемасы төмөнкүдөй: «Долбоор - жергиликтүү бюджет - аткаруучу».

Меморандумга кол коюлгандан кийин Арыз берүүчү:

- гранттык каражат үчүн атайын эсеп ачат;
- жергиликтүү бюджетке өзгөртүү киргизүү, гранттык каражаттарды жергиликтүү бюджеттин кирешесине кошуу жана аларды тандалып алынган долбоорго бөлүштүрүү тууралуу жергиликтүү кеңештин чечимин көрсөтөт.

Гранттык каражат Арыз берүүчүнүн эсебине Долбоордун эсеби кайсы коммерциялык банкта ачылса, ошол жактагы гранттык каражат которула турган күндүн курсу боюнча Кыргыз сому менен которулат. Арыз берүүчүнүн иш планына ылайык, каражатты которуу транш аркылуу жүргүзүлөт. Арыз берүүчү алынган гранттык каражат боюнча аткарылган иштердин актыларын жана мурдагы транш боюнча отчетторду тапшыргандан кийин гана кийинки транш берилет.

## Ресурстарды мобилизациялоо

Жергиликтүү бийлик органдары жана (же) жамааттар тарабынан кошо каржылоо кичи грант берүүнүн милдеттүү шарты болуп эсептелет. Сынактын жеңүүчүсү кошо каржылоо үчүн арналган бардык каражаттарды чогултуш керек. Эгерде:

- кошо каржылоонун үлүшү нак акча менен болсо, анда долбоордук табыштаманы берген учурда ошол акча Арыз берүүчүнүн эсебинде болуш керек;
- кошо каржылоонун үлүшү нак эмес түрүндө болсо (эмгек салымы, материалдар, адамдарды иш биржасынан тартуу ж.б.), анда бул милдеттемени аткара тургандыгы тууралуу макулдашуу сөзсүз болуш керек.

Эгерде гранттык долбоорду ишке ашыруу процессинде Арыз берүүчү кошо каржылоо боюнча милдеттемени толугу менен, же жарым-жартылай аткарбаса, Долбоор гранттык каржаттарды кайра чакыртып алуу укугуна ээ.

## Сатып алуунун жол-жоболору

Гранттык долбоорду ишке ашыруу процессинде товарларды, жумуштарды же кызматтарды сатып алуу жол-жоболору Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жүргүзүлөт. Товарларды, жумуштарды же кызматтарды сатып алуулар төмөнкү критерийлерге шайкеш келиш керек: :

- долбоорду ишке ашырууда үнөмдүүлүгү жана эффективдүүлүгү;
- бардык ыктымал подрядчылар/жеткирип берүүчүлөр/кеңешчилер үчүн таза жана бирдей мүмкүнчүлүктөр;
- сатып алуу жол-жоболорунун ачык-айкын болушу;

[2] Өнүктүрүү саясат институтунун юридикалык дареги өзгөргөн учурда кызыкдар тараптарга бул тууралуу кошумча маалымат берилет.

- каражатты максаттуу пайдалануу.

Сынактын жеңүүчүлөрү үчүн “Сатып алуунун жол-жоболору” аттуу темага тренинг өткөрүлөт.

## Долбоорду ишке ашыруунун көзөмөлдөө

Гранттык каражаттын максаттуу пайдаланып жатышын жана эффективдүүлүгүн көзөмөлдөө үчүн Арыз берүүчү Биргелешкен мониторинг жана баалоо жүргүзүү (БМжБ) боюнча Жумушчу топ түзүш керек. Жумушчу топ долбоордун аткарылышына мониторинг жүргүзүп, анын жыйынтыгын, финансы каражаттарынын максаттуу жана эффективдүү пайдаланылышын жана аткарылып жаткан ишти баалайт. Жумушчу топ жергиликтүү кеңештин сессиясында түзүлөт. Жумушчу топтун курамына жергиликтүү кеңештин депутаттары, ЖӨБнун аткаруу органынын өкүлдөрү, демилгелүү топтун мүчөлөрү кириш керек. Гендердик фактор сөзсүз эске алыныш керек: комиссия мүчөсүнүн 30 пайызынан кем эмес аялдар түзүш керек. Жумушчу топтун сандык жана сапаттык курамы, ишинин регламенти жергиликтүү кеңештин ачык сессиясында аныкталат жана анын чечими менен бекитилет.

Долбоор мониторингдик сапарлар, отчеттор жана зарыл болгон маалыматты талап кылуу менен өзүнүн мониторингин жүргүзөт.

Гранттык долбоорду ишке ашыруунун жыйынтыгы үчүн жамаат алдындагы жоопкерчилик жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жүктөлгөн. Гранттык долбоорду ишке ашыруунун жүрүшүндө, же анын жыйынтыгы боюнча жетишпестиктер же каталар аныкталса, Долбоор бул тууралуу кызыкдар тараптарды, анын ичинде жамаатты жана Долбоорго мониторинг жүргүзүү жана баалоо (БМжБ) үчүн түзүлгөн Жумушчу топту маалымдоо укугуна ээ. Ошондой эле зарыл болгон учурда КШБ өкүлдөрү ишке ашырылып жаткан объекттерге барып, жамааттын чогулуштарына катышып, мониторинг жүргүзө алат.

Грант алуучу долбоорду ишке ашыруунун алкагында жетишилген жыйынтыктар боюнча айылдык аймактын жергиликтүү жамааты жана жергиликтүү кеңештин алдында ай сайын отчет берип турууга милдеттүү. Айкындуулукту, гранттык каражаттын максаттуу колдонулуп жатканын камсыздоо, долбоордун иши тууралуу кеңири маалымат берүү үчүн грант алуучу айыл өкмөттүн имаратынын алдында маалымат тактасын уюштуруш керек. Ал тактада долбоордун бюджети, иш планы, учурда болуп жаткан иштин түрү, ага жооптуу адамдар, каржылоонун булактары тууралуу толук маалымат болуп, объекттен сүрөттөр илинип туруш керек.

Долбоорго байланыштуу иш-чаралар белгиленген мөөнөттөрдө аткарылыш керек. Долбоорду ишке ашыруунун мөөнөтүнө таасирин тийгизе турган күтүлбөгөн окуялар болгон учурда Арыз берүүчү үч күндүн ичинде Долбоорду маалымдап, Долбоорго мониторинг жүргүзүү жана баалоо (БМжБ) боюнча Жумушчу топко өзгөрүүлөр боюнча негиздемени кагаз жүзүндө тапшырыш керек. Долбоордогу сунушту ишке ашыруу мөөнөтү өзгөргөн учурда Долбоор менен Грант алуучунун ортосунда Меморандумга кошумча Макулдашуу түзүлөт.

## Гранттык долбоордун соңу

Долбоор аяктагандан кийин 15 календардык күндүн ичинде Арыз берүүчү эки нуска менен долбоор аяктаганы тууралуу тиешелүү документтерди тиркөө менен  жыйынтыкталган сүрөттөмөнү жана каржылык отчетторду даярдайт. Бул документтерди айыл өкмөтү бекитип, жергиликтүү кеңештин сессиясы жактырыш керек жана маалымат тактасында жайгаштырылып, андан тышкары жамаат алдында ачыкталыш керек (ММК, баракчалар, чогулуш ж.б.).

Жыйынтыкталган сүрөттөмөнүн жана каржылык отчеттордун, аны менен кошо тиркемелердин экинчи нускасы Долбоорго тапшырылат.

Гранттык долбоордун жүрүшү тууралуу бардык маалымат оң тажрыйба катары андан ары жайылтуу үчүн Долбоорго тапшырылат.

## Долбоорлордун туруктуулугу

Гранттык долбоорду ишке ашыруунун натыйжасында түзүлгөн же сатылып алынган объекттер муниципалдык менчикке өткөрүлүп берилет жана алуучу бул мүлктү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык айыл өкмөтүнүн эсебине өткөрүүгө милдеттендирилет.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары объекттин андан ары да туруктуу иштей беришин камсыздоого милдеттүү.

Арыз берүүчү объектти жамаат үчүн мындан ары да туруктуу иштетүү боюнча иш-чаралардын планын түзүш керек. Ага бул иш-чаралардын аткарылып жатышына жергиликтүү кеңеш (муниципалдык менчик боюнча туруктуу комиссия) тарабынан мониторингди ишке ашыруу боюнча көрүлгөн чаралар кошулуш керек.

## Отчеттуулук

ЖӨБ органдарынын жамаат алдындагы жоопкерчилигин камсыздоо үчүн долбоордун ишке ашырылышы тууралуу отчеттор иш планында каралган мөөнөттөрдө жамааттын иш-чараларында тапшырылып, ачыкталып туруш керек, маалымат тактасында илинип, Биргелешкен мониторинг жүргүзүү жана баалоо боюнча жумушчу топко берилиш керек

Долбоордун талаптарына ылайык, Арыз берүүчү ар бир алынган транш боюнча каржы отчетун Долбоорго тапшырат, жыйынтыкталган сүрөттөмө отчет (“Отчеттун формасы” №3 тиркеме) менен бирге соңку каржы отчету ЖӨБ органына айылдагы жалпы жыйында, жергиликтүү кеңешке жана Долбоорго берилиш керек.

**Кичи грант программасынын жобосу жана толтурулуучу бардык тиркемелердин үлгүлөрүн www.vap.kg сайтынан жүктөп алсаңыздар болот.**

**Толтурулган табыштамаларды тапшыруу үчүн биздин дарек:  же 720021, Бишкек ш., Үсөнбаев көч., 44. Тел. (0312) 97-01-04 (05,06,07). Факс (0312) 97-01-08.**

# «Элдин үнү жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс» долбоору

# "ЖЕРГИЛИКТҮҮ ДЕМИЛГЕ"

## сынагын жарыялайт

Өнүктүрүү саясат институту "Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс" долбоорун (мындан ары – Долбоор) ишке ашырууда. Долбоор Швейцария Өкмөтү тарабынан Улуу Британиянын Эл Аралык Өнүктүрүү боюнча министрлиги менен өнөктөштүктө каржыланат.

Долбоордун негизги максаты – жарандардын бюджеттик процесске катышуусун камсыздоо жана жеринде кызмат көрсөтүүнүн сапатын жогорулатуу максатында ЖӨБ органдарынын дараметин күчөтүү. Бул Долбоордун алкагында Өнүктүрүү саясат институту "Жергиликтүү демилге" сынагын жарыялайт.

## Сынакты өткөрүүнүн максаты:

1) калкты жамааттын турмушуна жана жеринде чечим кабыл алуу процессине дагы да активдүү катышууга шыктандыруу,
2) жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүдө жергиликтүү демилгелерди ишке ашыруу боюнча жакшы үлгүлөргө шыктандыруу жана алар тууралуу маалыматты таратуу максатында аныктоо,
3) Кыргызстандагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен бирге жергиликтүү жамааттар менен өнөктөштүктө жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүдө алдыңкы усулдарды жана жаңы ыкмаларды колдонууга көмөктөшүү.

**Сынакты өткөрүү тартиби:** Жергиликтүү жамааттардын лидерлери, Демилгелүү топтор, бейөкмөт коммерциялык эмес уюмдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, муниципалдык мекемелер жана уюмдар, өз алдынча же болбосо биргелешип өз айылында алардын биргелешкен демилгеси менен киргизилген/өткөрүлгөн жана жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө багытталган өзгөчө жемиштүү, натыйжалуу тажрыйбанын/иш-чаранын сүрөттөлүшүн Өнүктүрүү саясат институтуна жибере алат. Иш-чара көрсөтүлгөн формага ылайык деталдуу түрдө сүрөттөлүш керек.

Сынакта төмөндөгү өңдүү демилгелер катыша алышат:

1) калктын жашоо деңгээлин жогорулатууга көмөктөшкөн;
2) ЖӨБ органдарынын айкын ишине, ЖӨБ органдарынын калк алдында жоопту болушуна көмөктөшкөн;
3) муниципалдык уюмдардын жана мекемелердин (мектептердин, коммуналдык кызматтарды жеткиргендердин ж.б.) айкын ишине көмөктөшкөн;
4) жергиликтүү кеңештин депутаттарынын ролун арттырууга жана алардын шайлоочулар менен дагы да активдүү иш алып баруусуна көмөктөшкөн;
5) жарандарды жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө тартууга көмөктөшкөн;
6) жарандардын бюджеттик процесске катышуусун камсыздаган;
7) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен жергиликтүү жамааттын өнөктөштүгүн жакшырткан.

Жергиликтүү демилге жергиликтүү маанидеги маселелерге тиешелүү, бирок төмөнкүлөр кошулганы менен, булар менен гана чектелбейт:

- таза суу, канализация жана тазалоочу жабдуулар;
- калк отурукташкан аймактарда муниципалдык жолдор;
- көчөлөрдү жарктандыруу;
- көчөлөрдү, сейил бактарды, бактарды, спорттук жайларды, эс алуу жерлерин, күмбөздөрдү көрктөндүрүү;
- тиричилик калдыктарын (таштандыны) чогултуу, чыгаруу жана жок кылуу;
- коомдук транспорт (калк отурукташкан пункттардын ичинде);
- маданий жана тарыхый баалуулуктарды коргоо;
- жергиликтүү китепканалар;
- коомдук тартипти сактоого көмөктөшүү;
- элдик көркөм чыгармачылык;
- бош убакытты уюштуруу; балдар жана жаштар үчүн иш-чаралар;
- физикалык маданиятты жана массалык спортту өнүктүрүү;
- өзгөчө кырдаалдарды алдын алууга жана анын кесепеттерин жоюга көмөктөшүү;
- ЖӨБ органдарынын карамагында болгон маалыматка жетүүнү камсыздоо.

Ар бир арыз берүүчүдөн жергиликтүү демилгени сүрөттөгөн мисалдардын саны чектелген эмес, бирок ар бир мисал бир гана көйгөйгө тиешелүү болуш керек. Сүрөттөө 1500 сөз менен чектелиш керек. Сүрөттөр бет ачардын көркүн андан да чыгармак (Табыштаманын формасын караңыз).

Мисалды/мисалдарды сүрөттөгөн табыштаманы табыштамалардын көрсөтүлгөн формасы боюнча "Эл үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс" долбоорун ишке ашырып жаткан Өнүктүрүү саясат институтуна 2012-жылдын 15-сентябрынан кеч эмес убакытта тапшыруу керек. Дареги жана байланышуунун башка жолдору төмөндө, ошондой эле Табыштаманын форматында көрсөтүлгөн.

## Тандоо критерийлери

Бардык табыштамалар тандоонун төмөнкү критерийлерине негизделген мазмундуулугу жана туура түзүлгөндүгү жагынан каралат:

- жергиликтүү жамаат үчүн жергиликтүү демилгенин мааниси – жайылтылган практика жамааттын жашоо шартын жакшыртууга кантип көмөктөштү;
- ЖӨБ органдарынын ишинин калк алдында ачыктыгын жана жоопкерчилигин жогорулатуу деңгээли;
- калктын жамааттын турмушуна жана чечим кабыл алуу процессине, анын ичинде жергиликтүү маселелер боюнча катышуусунун активдүүлүгүн жогорулатуу деңгээли;
- жарыктыгы, ошол жамааттын ичинде жана/же дагы да кеңири масштабда жараткан кымгуут жагынан алып караганда иш-чаранын же жайылтылган тажрыйбанын өзүнүн сапаты;
- байгенин эсебинен сатылып алынган каражатты/жабдууну колдонуу сүрөттөлгөн демилгени мындан ары жакшыртууга же калктын ЖӨБ органдары менен өнөктөштүктө жергиликтүү маанидеги башка маселелерди чечүүсүнө кантип көмөктөшөт;
- жергиликтүү демилгени ишке ашыруудан каржылык, экономикалык натыйжа (эгерде болсо).

Комиссия чечим кабыл алганга чейин жергиликтүү демилгени жеринде ишке ашыруу тажрыйбасы менен таанышуу максатында сынакка катышкан айылдык аймакка барып же барбоону Долбоор өзү чечет. Бардык критерийлер маанилеш салмакка ээ. Демилгелер өз-өзүнчө ар бир критерий боюнча 5 баллдык өлчөм менен бааланат. Кимдин табыштамасы мүмкүн болушунча көбүрөөк баллга ээ болсо, ошол жеңүүчү деп табылат.

## Сынактык комиссия

Сынактык комиссия катышуучулар тапшырган документтерди ыктымал толуктоолор менен карайт. Ал толуктоолор сынакка көрсөтүлгөн демилге тууралуу маалыматка ээ болгон эл аралык уюмдардын, долбоорлордун, башка бейөкмөт уюмдардын ой-пикирлери түрүндө болушу мүмкүн. Толуктоолорду мындан тышкары арыз берүүчүлөр, табыштама берген муниципалитеттин тургундары, ЖӨБ органдары менен сүйлөшүүлөрдүн натыйжасында Долбоор да бериши мүмкүн. Табыштамаларды баалоо аларды тапшыруу мөөнөтү аяктагандан тарта 20 күндүн ичинде ишке ашырылат. Комиссиянын мүчөлөрү табыштамаларды жогоруда көрсөтүлгөн тартипке ылайык баалашат. Сынактын жыйынтыгы тууралуу маалымат Долбоордун сайтындагы "Жаңылыктар" деген бөлүмдө, "Муниципалитет" журналында жарыяланат. Сынактын жеңүүчүлөрү сынактык комиссия чечим чыгаргандан кийин бир аптанын ичинде жазуу түрүндө маалымдалат.

Сынактык комиссиянын курамы:

- "Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс" Долбоору – 2 адам;
- Өнүктүрүү саясат институту – 1 адам;
- КРӨМА – 1 адам;
- "Демократия жана жарандык коом үчүн" коалициясы – 1 адам.

Сынактык комиссиянын чечими көпчүлүктүн добушу менен кабыл алынат.

Жергиликтүү демилгени жайылтуу тажрыйбасы: Долбоор өзүнүн басма каражаттарында сынакка көрсөтүлгөн жергиликтүү демилгелердин мисалдарын жарыялоону ойлонуштурууда. Биз басылмада орундун чектелүү болгонунан улам берилген тексттерди редакциялоо укугун өзүбүздө калтырдык. Ошондой эле эң мыкты мисалдар ӨСИ жана долбоордун сайттарында жайгаштырылат.

Жергиликтүү жамааттардын лидерлери, Демилгелүү топтор, бейөкмөт уюмдар, муниципалдык мекемелер жана уюмдар, Кыргыз Республикасынын Жалал-Абад жана Ысык-Көл облустарынын айылдык аймактарынын жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдары жана жергиликтүү кеңештери катышуу укугуна ээ.

## Байгелер

Сынактын жалпы байге кору – 110 000 сом.

Сынактын жеңүүчүлөрүнө гранттар төмөнкү тартипте ыйгарылат:

- I орун – 50 000 сомго чейинки грант;
- II орун – 30 000 сомго чейинки грант;
- III орун – 17 000 сомго чейинки грант;
- Шыктандыруучу байгелер: ар бири – 6 миң сом өлчөмүнө чейин.

Байге каражаттары (грант) жергиликтүү жамаат менен ЖӨБО бирге аракеттешүүсүн жакшыртууга, анын ичинде коомдук иш-чараларды өткөрүүгө арналган жабдууну сатып алуу үчүн колдонулушу мүмкүн. Ал жабдуу төмөнкүдөй болушу мүмкүн:

- сүрөттөлгөн жана жеңүүчү деп аталган жергиликтүү демилгени улантууга же жайылтылган тажрыйбаны колдоого иш-чараны өткөрүү үчүн жабдуу, шайман ж.б. (бюджетти бергенден кийин чоо-жайын Долбоор менен макулдашуу боюнча);
- үндү күчөткүчтөр (колонкалар), микрофондор жана ушул өңдүү товарлар, коомду маалымдар кылуу системалары,
- коомдук иш-чараларды өткөрүү үчүн жайларды жабдуу үчүн эмеректер (мисалы, отургучтар, креслолор, маалымат такчалары, доскалар),
- муниципалдык мекемелер (мектептер, бала бакчалар, музыкалык жана спорт мектептери) үчүн жабдуулар жана шаймандар,
- муниципалдык ишканалар (суу менен камсыздоо, таштанды чогултуу, көчөнү жарыктандыруу, жашылдандыруу өңдүү кызматтарды көрсөткөн ишканалар) үчүн жабдуулар,
- Долбоор курулуш-оңдоо долбоорлорун каржылоодон, эмгек акыдан же сапардан тышкары байге корун колдонуунун башка да варианттарын карап чыгышы мүмкүн.

Милдеттүү шарт – байгени алгандан кийин бир (1) айдын ичинде алынган байгени колдонуу менен жүргүзүлүп жаткан иш же өткөрүлгөн иш-чара тууралуу отчет тапшыруу.

Сынактын жеңүүчүсүнө калкты жергиликтүү маанидеги иштерге тартууну жана жергиликтүү кызматты көрсөтүүнүн сапатын мындан ары да жакшыртуу максатында байге корун колдонуу боюнча Долбоор менен сүйлөшүү жүргүзүү укугу берилет. Сатып алууну Долбоор жеңүүчүнүн өкүлүнүн катышуусу менен бирге жүргүзөт жана ал жеңүүчүнүн колдонуусуна өткөрүлүп берилет. Каражатты иш-чараны же акцияны өткөрүү үчүн колдонгон учурда Долбоор байгенин суммасынын алкагында бардык чыгашаларды түздөн-түз жабат.

Бардык маалыматты "Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс" Долбоорун ишке ашырып жаткан Өнүктүрүү саясат институтуна 2012-жылдын 12-сентябрына чейин төмөнкү дарек боюнча жиберүүңүздү өтүнөбүз: Бишкек шаары, Усенбаев көчөсү, 44-үй. Кошумча маалымат алуу үчүн Айнура Балакунова жана Анара Мусаевага (0 312) 97-01-06 (07) телефон номурлары боюнча кайрыла аласыз, же ainura.balakunova@gmail.com, anara.musaeva@gmail.com электрондук дарегине кат жазсаңыз болот.

# МААЛЫМАТТЫ ТАРТУУЛОО ФОРМАСЫ

## I БӨЛҮМ. Жалпы маалымат

АА аталышы:______________________________________________________________

Мисалдын аталышы: ______________________________________________________
_________________________________________________________________________
_________________________________________________________________________
_________________________________________________________________________

Байланыш үчүн тарап (сынактын уюштуруучулары тарабынан кандайдыр бир кошумча же толуктоочу маалымат алуу үчүн):
Аты-жөнү: _______________________________________________________________
_________________________________________________________________________
Кызматы: ________________________________________________________________
_________________________________________________________________________

Арыз берүүчүнүн байланыш маалыматы:
телефон номурлары _______________________________________________________
электрондук почтасынын дареги: ___________________________________________

## *ЖӨБ органы*

АӨ башчысынын аты-жөнү __________________________________________________
Демилгенин өнөктөшү болгон ЖӨБО/бейөкмөт уюмдун, демилгечи топтун же жергиликтүү жамааттын лидеринин аты-жөнү жана кызматы ______________________
_________________________________________________________________________

Демилгенин өнөктөшүнүн байланыш маалыматы:
телефон номурлары _______________________________________________________
электрондук почтасынын дареги: ___________________________________________

Арыз берүү күнү: «__»___________2012-ж.

## II БӨЛҮМ. Байге фондун пайдалануу

Өтүнүч, байге фондун кайда жана эмнеге пайдалануу ниетиңизди баяндап бериңиз.

Утуп алынган байге баяндалган жергиликтүү демилгенин кандай жол менен жакшырышына жардам же жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү боюнча жаңы демилгени ишке ашырууга кандай түрткү бере тургандыгын көрсөтүңүз.

Өтүнүч, жаңы же учурда башталып калган демилгени ишке ашыруу боюнча сиздин пландарыңыз тууралуу баяндап бериңиз.

## III БӨЛҮМ. Жергиликтүү демилгенин мисалын сүрөттөө

Сиздин тажрыйбаңызды/мисалды текст түрүндө 1500 сөздөн ашырбастан сүрөттөп берүүңүздү өтүнөбүз (стандарттык шрифттин 12 өлчөмү менен үч барак). Табыштаманы төмөнкү суроолорго жөнөкөй жооптор менен чектелүү сунушталбайт, бирок бул суроолор боюнча маалыматтар текстте камтылыш керек.

Сүрөттөр болсо андан да жакшы болмок.

### *1. Жергиликтүү демилгеге эмне себеп болду:*

- Сүрөттөп жаткан тажрыйбаңызды колдонуу менен чечилген маселенин өзөгү эмнеде жатат?
- Канча адам бул көйгөйгө кабылды?
- Бул көйгөй кантип аныкталды? Көйгөйдү аныктоодо жергиликтүү лидерлердин (бейөкмөт уюмдар, өзүнчө адамдар, демилгелүү топтор ж.б.) жана ЖӨБ органдарынын ролу кандай болду?

### *2. Ишке ашырылган жергиликтүү демилгенин (тажрыйбанын) сүрөттөлүшү.*

- Сиз колдонгон тажрыйба көйгөйдү чечүүгө кантип жардам берди?
- Тажрыйбаны качан жана кантип жайылттыңыз? Эгерде кимдир бирөө (донорлор, бейөкмөт уюмдар, ЖӨО, мам.органдар, бизнес ж.б.) сүрөттөлгөн мисалга катышса, өтүнүч, аны да көрсөтүңүз.
- Жергиликтүү демилгени (тажрыйбаны) ишке ашыруу боюнча сиздин аракеттериңизди кыскача сүрөттөп бериңиз).

### *3. Жергиликтүү демилгени жайылтуунун жыйынтыктары.*

- Башкы жыйынтык эмнеде камтылган? Ишке ашырылган демилгеде кошумча пайда алындыбы жана ал кандай болду?
- ЖӨБ органдарынын калк алдындагы ачыктыгы жана жоопкерчилиги кандай деңгээлде өстү?
- Жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүдө калктын активдүүлүгү канчалык өстү?
- Бул демилгеде жергиликтүү жамааттын жана ЖӨБ органдарынын ролу кандай болду?
- Демилгеге карата ЖӨБ органдарынын жана бийликтин башка органдарынын реакциясы кандай болду?
- Сиздин демилге тууралуу ММКда жарыяландыбы, же бул тууралуу маалымат таратуунун башка да мисалдары болдубу? (өтүнүч, сүрөттөп бериңиз жана/же көчүрмөсүн тиркеңиз).

### *4. Бенефициарлар (пайда алгандар).*

- Тажрыйба жайылтылгандан кийин жыйынтыктардын бенефициары ким болду?
- Түз бенефициарлардын саны канча?
- Кыйыр бенефициарлар канча? (Бенефициарлардын санын кантип аныктаганыңызды сүрөттөп бериңиз)
- Өтүнүч, сиз сүрөттөп жаткан демилгени ишке ашырууга байланыштуу тургундардын цитаталарын – пикирлерин, баасын келтириңиз.

### *5. Жайылтуунун баасы.*

- Демилгени ишке ашырууда канча чыгаша болдуңуз?
- Каржылоонун кайсы булактары колдонулду?
- Донордук каражаттар тартылды беле? (эгерде ООБА болсо, донорлордун кошо каржылоосу канча пайызды түздү)?
- Эгерде сиздин тажрыйбаңызга "Эл үнү жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс" долбоору менен кызматташтык таасирин тийгизсе, ал кандайча болгонун сүрөттөп берүүңүздү өтүнөбүз.

**Маалыматты Анара Мусаева жана Айнура Балакунованын атына төм. дарек боюнча жибериңиз: 720021, Бишкек ш., Үсөнбаев көчөсү, 44, факс (312) 970-108,**

**anara.musaeva@gmail.com, ainura.balakunova@gmail.com.**

**Сынак үчүн толтурулуучу тиркемелерди www.vap.kg сайтынан табасыздар!**

**Сынактын жеңүүчүлөрүнүн бардык баяндамалары «Муниципалитет» журналында жарык көрөт!**




"Муниципалитет" журналы БУУӨП тарабынан уюштурулуп, жергиликтүү өз алдынча башкарууга арналган **"Тың жашоо: ушул тапта, ушул жерде"** сүрөт жана плакаттар сынагынын катышуучуларынын сүрөттөрүн жарыялоодо.

Сынак Кыргыз Республикасында 2012-жылы адамдын өнүгүүсү тууралуу Улуттук докладды иштеп чыгуу долбооруна колдоо катары "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу - адамдын өнүгүүсүнүн, коомдун туруктуулугунун жана экономикалык өсүштүн негизи" деген багытта өткөрүлгөн.

Таштандыны чыгарууга арналган плакаттын автору - **Бекова Жылдыз.**

**Урматтуу Кыргызстандын шаар жана элет жерлеринин тургундары! Биз сиздерден суроолорду жана баяндамаларды күтөбүз!**

**Урматтуу бейөкмөт жана эл аралык донордук уюмдарда иштеген кесиптештер!**

Сиздер аналитикалык отчетторду, иликтөөлөрдүн жыйынтыктарын, ийгилик баяндарын, муниципалдык башкаруунун бардык суроолору жана жергиликтүү жамааттардын жашоо-турмушу боюнча мыкты тажрыйбаларды биздин журнал аркылуу жарык көрүүсүн сунуштай аласыздар. Сиздердин идеяларыңыздар жана ийгиликиңиздер тууралуу Кыргызстандын ар бир бурчуна жеткиребиз!

**Өнүктүрүү саясат институту "Муниципалитет" журналын өздүк жеке, жана ошондой эле эл аралык донордук уюмдардын жана долбоорлордун каражаттарынын эсебинен басып чыгарат, жана ошол колдоонун артынан биз бул журналды акысыз таркатканга мүмкүнчүлүгүбүз бар!**

**Биз, кызматташтыктын жана координациялоонун жакшы үлгүлөрүн көрсөткөн бардык өнөктөштөрүбүзгө терең ыраазычылык билдиребиз.**

**Бул чыгарылыш ЕККУнун Бишкектеги Кеңсесинин "Ресурстарды эффективдүү башкаруунун эсебинен Баткен, Жалал-Абад жана Ош облустарында жаңжал потенциалын төмөндөтүү максатында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын дараметин күчөтүү" долбоорунун каржылоосунда жарык көрдү.**

ОБСЕ
Европадагы Коопсуздук
жана кызматташтык уюмунун
Бишкектеги Борбору